К.ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫККӨЛ
МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ПЕДАГОГИКА ЖАНА ПСИХОЛОГИЯ КАФЕДРАСЫ

# *АТУУЛ ДЕГЕН КИМ?*

**Патриоттук тарбиялоо боюнча методикалык көрсөтмө
Мугалимдер жана педагогикалык ЖОЖдун студенттери үчүн**

**Каракол - 2009**

**УДК 372.8**
**ББК 74.26.424.**
**И 24**

**Авторлор коллективи: Иманбакаева М.Г., Намазова А.Ж.**

**Рецензенти:педагогика илиминин кандидаты, доцент Адылбек кызы Гулназ**

**Патриоттук тарбия боюнча методикалык көрсөтмө**
**Мугалимдер жана педагогикалык вуздун студенттери үчүн/ Иманбакаева М.Г., Намазова А.Ж.**

**Каркол: К.Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университети, 2009**

**Методикалык колдонмо тарбиялык иштин методикасынын талабына жараша түзүлгөн. Анда «Сорос Кыргызстан» фондусунун «Сынчыл ойломду өнүктүрө турган окуу жана жазуу» патриоттук тарбиялоо боюнча класстан тышкаркы иштердин ар кыл интерактивдүү формадагы жана методдогу стратегияларды колдонуу менен оюндардын технологиялары, класстык сааттар жана ага адабияттар берилген.**

# Киришүү

## ***Жаш кезден тартып патриот болуу керек***

*Ата Мекенди чоңдугу үчүн эмес,*
*өздүк болгондугу үчүн сүйүшөт.*
***Луций Сенека***

Биз балдарыбыздын бактылуу, чыныгы Ата Мекендин атуулу, патриоту болуп өсүшүн каалайбыз. Буга биринчи иретте билим берүү менен тарбиялоо жардам бериши керек.

***«Патриот» деген сөз кайдан келип чыккан?***

«Патриот» деген сөз грек тилинен келген, кыргыз тилине которгондо «патриа» - «Ата Мекен» «Эл, жер»- Ата Мекенге, өз эл, жерине болгон - сүйүү.(1)

Өзү учурунда патриот бул - Ата Мекен, эл, жери жөнүндө гана кооз сөздөрдү сүйлөгөн адам эмес,ал жеке өзүнүн керт башынын камын гана ойлобостон,кыйынчылыктарды, чечилбеген проблемаларды көрүп туруп каш кабагым дебестен, бардык күч кубатын жумшап ошол кыйынчылыктарды чечүү үчүн аракеттенген адам .Мына ошол накта жана чыныгы патриот .

«Азыркы учур менен тең карасак:, анда эсибизге төмөнкүнү салышыбыз керек, Ата Мекенге, улуттук маданиятка, эне тилге болгон сүйүү - өз үй бүлөсүнө болгон, үй жайына, мектебине болгон сүйүүдөн башталарын эстөө керек.Кийинчирээк бул сүйүү кенейип олтуруп өз Ата Мекенин , анын тарыхын,мурункуга жана азыркыга, жалпы адамзатка болгон сүйүүгө айланышы керек», деп жазган академик Д.С.Лихачев.

---

( 1 ) Педагогикалык сөздүк. М.т.2.86 бет.

***Кыргыз патриоттуулугунун булагы кайдан башталат?***

Ата Мекенди сүйүү, туулган жерди, элди,тилди, улуттук үрп-адаттарга байыр болуу менен көздүн карегендей сактоо кыргыз элинде тээ алмустакан бери бар болчу.кыргыз элинин патриоттук тарбиялоосу уруулук коомдо эле пайда болгон жана ар бир коомдук-экономикалык формацияларда өсүп өнүккөн.Ал эми азыркы учурда анын мааниси зор.

Белгилүү жеке инсандарды тарбиялоонун максаты катары кароо, женишке болгон ишенимди, «Манас» баатырдык эпосунун жана көптөгөн элдик баатырладын эрдигин даназалаган баатырдык чыгармаларындагы эл, жери үчүн кашык канын аябаган мисалдардын негизинде кылымдар бою тарбиялоо жүргөн.

Патриоттук тарбиялоо проблемасын изилдесек, ал өз башатын улуттук фольклордон алат.Ал эми баатырдык эпос «Манас» кылымдар бою кыргыз элинин женишке болгон ишеними,элдин эркиндигин жана эрдигин патриоттук тарбиялоо боюнча мектеби болуп келген.

***Советтик доордогу кыргыз патриотизми эмнеси менен айырмаланган?***

Мурунку Советтер Союзунда патриоттук тарбиялоо жакшы эле көрүнүп турчу.Бирок буга карабастан көптөгөн суроолор пайда болууда, мисалга алсак : күчтүү идеологиясына, атуулдук жана патриоттук тарбиялоосуна карабай 70 жыл өсүп, өнүгүп келген Советтер Союзу эмнеге кулап калды? Эмне себептен «советтик патриотизм» өзүнүн «тамырларын» терең кое бере албады?

Бирок буларга карабастан ал учурдагы патриоттук тарбиялоонун жакшы жактарын да эске алуу керек:

---

- башталгыч аскердик даярдык боюнча жогорку класстардын окуучуларынын билимдери.
- куралдуу күчтөрдүн жаш достору;
- коргонуу-спорттук лагерлер;техникалык ийримдер;
- «Зарница», «Орленок» согуштук-спорттук оюндары;
- келечектеги жоокердин университеттери,
- келечектеги офицерлердин клубдары;
- Түбөлүк от, Эрдик отуна ардактуу күзөт өтөөгө балдарды даярдоо, ж.б.у.с.

«Советтик патриотизм боюнча иштерде жетишпегендик менен кемчиликтер көп болсо да,эпизоддук массалык иш аракеттер орун

алса да, мектептер менен мектептен тышкаркы окуу жайларында формализм менен даярдыктын жоктугу, көрсөтмөлүүлүк орун алып турса да, башка себептер менен да өзүнүн тамырларын кенири кое берип, натыйжасында улуу Советтер Союзунун кыйроосуна алып келди.»(1)

***Ал эми азыркы күндө патриоттуулук тарбиялоо ишинде кырдаал кандай?***

Азыркы кездеги моралдык кризистин, саясий жана экономикалык кризистин проблемалары патриоттук тарбиялоонун проблемаларын андан ары да күчөттү. Азыркы эркиндик мезгилинде патриоттук ан сезим да өтө өзгөрүүгө учурады.В.В.Путин Россиянын президенти боло элек мезгилде эле « патриот деген сөз иронниялык, сөгүш маанисинде колдонуп калгандыгын, бирок көпчүлүк россиялыктар үчүн ал сөз өзүнүн алгачкы манисин жоготпой, позитивдүү маанисин сактап калды.Бул Ата Мекен үчүн, тарыхы, жетишкендиктери үчүн сый урматты белгилерин, өз туулган жери, эли үчүн аны кооз, бекем, бактылуу болууга болгон аракет.. Патриоттук сезимди жоготуу- бул улуттук намысты, кадыр баркты, элди, ар кыл баатырдыкка, жаратууга мүмкүнчүлүгү бар элди жоготууга алып келет», - деп айткан (1). Бул сөздү биздин жердештерге да багыттаса болот.

***Азыркы кездеги жаштардын патриотизм боюнча ойлору кандай?***

К.Тыныстанов атындагы студенттерин ойлорун иликтөө боюнча педагогика кафедрасынын окутуучулары аркылуу жүргүзгөн сурамжылоолору боюнча ар кыл ойлорду уктук. Филология, тарых, математика факультеттерининн4 курстун 127 студенттеинин жоопторунун негизинде, жаштар арасында нагыз патриоттук жок экендиги белгилүү болду:

1) студенттердин биринчи группасы биздин өлкөдө өнүккөн өлкөлөргө Караганда, сыймыктанууга эч нерсе жок деген ойлорун билдиришти.

2) Студенттердин экинчи группасы болсо, улуу муунда патриоттук сезим жок болгондуктан, жаш муундарда да бул сезим жок «адам патриоттук гендери менен төрөлбөйт, бирок тарбиялоодон,үй бүлөдөн., коомдон анын кандай болуусу көз каранды»,- деп эсептешет.

3) Студенттердин үчүнчү группасы болсо мамлекеттик система, билим берүү жана маданиятка каты сын пикир менен карашып, ММК чет элдик маданиятты, бизге дал келбеген идеология менен маданиятты тартуулашат дешти.

(1) Чечет В.В. Патриотическое воспитание в семье. Минск. «Народная Асвета». 1989.

Студенттержин жоопторунун арасында мындай да сөздөр болду: «Биздин өлкөдө эмне менен сыймыктанса болот, эгерде эртең эмне болорун билбесең, эртенки күнгө болгон ишеним жок болсо, анда жаштар үстүндө жашатар эмнени сактап, коргошу керек? Эгерде сактоого жана коргоого биздин өлкөдө эч нерсе деле калбаса».Бул жерде студенттер кайсыл жаштар жөнүндө айтып жатканы түшүнүксүз.Бирок биз Баткен окуяларында каармандык көрсөткөн солдаттарды эмнеге эске албайбыз?Ал эми коомдук уюмдарды түзүп ал жерде өз Ата Мекени үчүн бүткүл эмгегин, күч кубатын жумшап, элдин жашоо турмушун ондоого аракет жасап жаткан жаштар патриот эмеспи? Эмнегедир бул суроолор дискуссияда көтөрүлгөн жок.

Анкеталарга берилген жооптор жана кийинки жүргүзүлгөн дискуссиялар чынында эле терен ой жүгүртүүнү , ойлорду пайда кылды.Өзгөчө биринчи топтогу көз караш өтө көп опонеттерди өзүнө тартты.

Мындан тышкары чет тилдер факультетинин 56 студенти катышкан жазуу жүзүндөгү сурамжылоонун негизинде «Патриот болуу деген эмне ?», деген суроого жооп берүүдө төмөнкүдөй өз аныктоолорун берүүгө аракеттеништи, кээ бирлерин мисалга келтирип кетели:

«Патриот» - бул коомдун кызыкчылыгы үчүн бардыгын берген адам.

«Патриотизм»- бул адамдын кандайдыр бир жакшы нерсеге умтулуусу, ошол эле учурда өзү гана жөнүндө ойлонбостон, группа, коллектив, эл жөнүндө кам көрүүсү.

«Патриоттуулук»- бул өз Ата Мекенине чын дили менен кызмат кылуу.

«Патриоттулук» - ар бир өлкөнүн экономикалык абалына көз карандуулук.

«Патриот болуу» - бул биринчи иретте жашоонун ар кыл багыттарында жоопкерчиликтүү болуу.

«Эгерде мурун патриот болууга аракет жасалса, мен азыр бул нерсени көрбөй жатам»

«Патриотизм биз үчүн жапайы нерседей угулат, биздин коомго бул нерсе түшүнүксүз».

«Патриот бүгүнкү күндө- бул ала карга», ж.б.у.с.

Студенттердин анкетага берген жоопторун анализдегенден кийин биз төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик, 60% ашуун студенттерде патриотизмдин жышааны жок, анын себептерин төмөнкү факторлор менен түшүндүрүүгө болот:

1. Өлкөдөгү стабилдүү эмес экономикалык абал.
2. Патриотизмге болгон терс коомдук баа Азыркы учурда жаштарга кандайдыр бир коомдук багыттуулук жакпайт, ар бири өзү үчүн Гана кам көрөт».
3. Базар экономикасы өзүмчүлдүккөалып баруу менен, ким «тирүү» калат принциби иштеп жатат.
4. Жалпы улуттук патриоттук идея жок.
5. Билим берүү системасындагы патриоттук тарбиялоо системасынын начарлыгы.
6. Өлкөнүн начар идеологиясы.

Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү Советтер Союзунун учурундагы патриоттук тарбиялоо, иедеология жөнүндө ностальгия менен сүйлөөдө. Мисалы, «Советтик мезгилде жүздөгөн шаарлар жалгыз гана жыланач энтузиазмдын негизинде курулган.Өлкө башчылыгы көз жашка, жокчулукка карабай өзүнүн идеологиясынын негизинде өлкөнүн гүлдөп өсүшүнө алып келген, азыр анын бирөө да жок».

Азыр биздин мезгилде биз кааласак да, каалабасак да өз кумирлерибизди миллионер, миллиардер, иштиктүү, бай адамдарды жасайбыз. Биздин учурдун байлыгы бул терен билим, жаратылыштын берген аң сезимдүүлүгү адамдагы өздүк аң сезимдүүлүк, ойлонуу гана Мекен үчүн салым кошуп, өлкөнү өнүктүрүүгө жардам берет.

***Биздин күндөгү патриоттуулук сезимге эмне таасир этет?***

Студенттердин жооптору боюнча алардын башка өлкөлөр жөнүндө иедалдаштырылган ойдо экендиги көрүндү.Сурамжылоого катышкандардын жарымынын көбү өзүлөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, суроо талаптарын өз Ата Мекенинен тышкары ишке ашыра алышарын айтышкан.Башка өлкөлөрдө жашоону каалашкан жашардын патроттук сезими такыр жок деп айтууга болобу? 2001 жылы- «талибдер» тарабынан АКШда болгон террористик акцияга каршы жүргүзүлгөн аскердик жооптун натыйжасында өлкөдө экономикалык кризис болсо да, бул окуялар америкалык элдин маанайына терс таасирин тийгизбестен, тескерисинче ушул оор кырдаалда адардын башын бириктирүүгө алып келди. Ошол кездеги колдонулган суроо талап бул американын желеги болуп калды, анткени аны ар бир үйдүн чатырына илүү менен баш коштуруунун символу болуп калды. Ушул

тапта бир да америкалык өз мекенин таштап башка жакка  же баш калкалап кеткен жок.

Ар бир өнүккөн каптиталистик өлкөдө ар бири өз байлыгын коргошот, бирок баардыгы биригип келип  өз өлкөсүнүн , Мекенинин жалпы байлыгын коргошот Канчалык өлкө бай болсо, ошончолук ал бактылуу, бай жана бекем, ошондуктан мындай жыйынтыкка келсе болот, капитал кааласаң да,  каалабасан да өз Ата Мекенине  «чон» же «кичине »болгон сүйүүнү жаратары бегилүү болду.

Ал эми Кыргыз  Республикасынын кайсыл атуулунун үйүнүн чатырында  желеги илинип турат? Биз мындай нерсе менен сыймыктанууну билбейбиз, бизде мындай салт да , жөрөлгө да жок.Ал эми элестетип көрсөк кимдир бирөө желекти илип койсо анда аны жинди катары эсептеши мүмкүн.Бирок өз каны тамган жерине, балалыгы  өткөн жерге болгон сезим бардыгыбызда бар дечи, бирок ар бир адамдын өз эрки өз тагдырын өзү тандайт.Жыйынтыктап айтсак, баары бир өз өлкөсүндөжашап жаткандар алар толук кандуу жана өлкөлөрүнүн  суроо, талаптарын аткара алышат.

### ***Патриоттук тарбиялоонун терс жактары кайсылар?***

Азыркы кездеги патриоттук тарбиялоонун маанилүүлүгүн  четке какпастан, ошол эле учурдагы патриоттук тарбиялоонун азыркы кездеги терс жактарын жана татаалдыгын да эске алуу керек.Калктын көп бөлүгүнүн жашоо шарттарынын начардыгы, бюджеттик уюмдарда иштегендердин эмгек акыларынын аздыгы ( азыркы кездеги керектөөгө жараша), мамлекеттик идеологиянын өзгөрүүсү, моралдык коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөр, руханий байлыктын  өзгөрүүсү патриоттук духта жаш муундарды тарбиялоодо кыйынчылыктарды алып келди. Мунун бардыгы анкета жүргүзүүдөгү чыккан фактылардын негизинде 60% жаштар өз өлкөсүн таштап кетүүгө даяр экендигин билдиришти.

### ***Патриоттук тарбиялоодогу тилдин мааниси кандай?***

Бала элдин духун, маданиятын эне тили аркылуу жакшы кабыл алат, анткени өз Ата Мекенине, эли жерине  болгон сүйүү, өзүнүн эне тилинде турат.Ошондуктан чыныгы патриот өз эне тилин жакшы билиши керек.Ал эми Кыргызстанда жашап жаткан башка улуттун өкүлү болсо  тилди өздөштүрүү, үйрөнүү менен элдин духун сезиши керек, анткени ал анын  жандай көргөн Мекени.

Советтик учурда кыргыз үй бүлөлөрүндө балдарын орус тилине үйрөтүп, орус мектептеринде окутуу  «мода» болуп калган эле.Ал эми

мектепте болсо кыргыз тили менен адабиятына көңүл бөлүнбөй калган.Мунун натыйжасында кыргыз балдарынын жаңы мууну, өз эне тилин билбей, өсүп чыккан.Бул көрүнүш азыркы кезде деле чоң шаарларга мүнөздүү.Кыргыз элинин өз эне тилин билбеген өкүлдөрү өз улуттук үрп адаттарын, маданиятын, элдин тарыхын унутуп калышкан. Ал эми чонойгондо кайрадан тил үйрөнүү бул оной иш эмес. Алардын көбү өз өлкөсүндө «чет өлкөлүк» болуп калышкан. Азыркы учурда болсо иш кайрадан жанданып, кыргыз тилин үйрөнүүгө, иш кагаздарын мамлекеттик денгээлде жүргүзүүгө аракеттер мамлекет тарабынан жүргүзүүлүдө. Анткени эне тилди билүү, анда эркин сүйлөө бул улуттук аң сезимди, ар намысты ойготуунун, кыргыз элинин маданиятына жана тарыхына болгон сый урматтын, патриоттулуктун негизи болуп эсептелет.

***Биздин балдарды патриоттуулукка тарбиялоодогу мектептин ээлеген орду кандай?***

Балдардын өсүп өнүгүп келе жаткан аң сезиминде патриотттук сезимди ойготуу – бул өтө чоң жана оор иш, ошол ишти аткарууга биринчи иретте бүгүн мектеп турат.Анткени бүгүнкү күндө мектеп балдарды тарбиялоо жана билим берүүдө негизги орунда турат.Бирок бүгүнкү күндөгү мектептеги патриоттук тарбиялоо бул эртең менен Кыргызстандын гимнин « ырдоого» жана бул тема боюнча бир, эки тарбиялык саат өткөрүү менен чектелип калды.Бул эпизоддук иш аракеттер балдарга эч кандай эмоционалдык жактан таасир тийгизбейт.Ошондуктан көпчүлүк учурда балдар эч нерсе менен иши жок, көнүл кош мамиле жасап калышат.

***Мамлекет патриотттук тарбиялоого кандай көнүл буруудa?***

Азыркы мезгилде «Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын тарбиялоо боюнча концепция»иштелип чыккан, анда негизги тарбиялык иштин компоненттердин бири болуп патриотттук тарбия каралат. Бул багыттагы иш аракеттердин баса белгилениши азыркы учурда өтө эле актуалдуу. Бул ишке комплекстүү жана системалуу көнүл буруу керек. Башкача айтканда бир эки эпизоддук иш аракеттер менен чектелбестен, балдарды тарбиялоодо өз Ата Мекенине болгон сый урматты, сүйүүнү, белгилүү инсандардын өмүрү жана чыгармачылыгы менен таанышуу аркылуу аларга окшош болууга аракеттенүү менен активдүү турмуштук позицияны калыптоо, балдар өз баасын берүү менен кыргыз элинин тарыхы аркылуу улут үчүн сыймыктануу сезимдер калыптанышы керек.

***Патриотизмди тарбиялоодо окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу эмнени берет?***

Биздин оюбуз боюнча, азыркы жаңы шарттардагы патриотттук тарбиялоо боюнча активдүү жана максаттуу иш аракетттер инновациялык жана интерактивдүү методдорду колдонуу менен жүргүзүлсө, окуучу пассивдүү гана фигура болбостон, өз алдынча ойлонгон, маалыматты ишеним катары гана кабыл албастан, максаттуу жана аң сезимдүү кабыл алуучуга айланууга өбөлгө түзөт деп ойлойбуз.Бул жерде тарбиялоочунун ролу- окуучуну инсан катары сыйлаган насаатчы жана жардамчы катары кабыл алат.Ушундай өтө жоопкерчиликтүү иштин негизинде чоңдор өлкөнүн аң сезимдүү патриоттторун тарбиялоого көмөк көрсөтүшү керек. Өз учурунда балдар «эмне баалуу, ал эми эмне жок» деген чечиди кабыл алуусу керек. Жаштар, Ата Мекендин атуулдары катары өлкөдө болуп жаткан жетишкендиктерге жана кемчиликтерге туура анализ жүргүзүүгө жана баалоого үйрөнүшү керек.

Патриоттук тарбиялоого интерактивдүү ишти кошуу өсүп келе жаткан жаш муундардын руханий байлыгын көтөрүү менен өзүнүн тарыхый тамырларын жана келечеги жөнүндөгү ойлонууга мүмкүнчүлүк берет.

Бул окурмандарга сунушталып жаткан окуу көрсөтмөлөрүндө патриоттук тарбиялоо боюнча методикалык адабияттардын жоктугуна байланыштуу азыркы кездеги интерактивдүү окутуунун методору менен ордун толтурууга болгон аракет көрүлдү.`

Сунушталып жаткан методикалык көрсөтмөлөр Каракол шаарында жана Ысыккөл областынын мектептеринде апробациядан өтүп, педагогикалык коомчулук тарабынан берилген сунуштарды эске алуу менен кайра иштетилип, толукталды.

Адабияттар:


1. Бабанский Ю.А. педагогика.-М.: Просвещение,1988,-б.163.
2. Педагогический словарь.-М.,1960, 2 том,-б.86.
3. Гераүенко И.Г. Трудности современного патриотического воспитания. - М.,2001.
4. Лихачев Б.Т. Педагогика.Курс лекций.- М.: Юрайт, 1999.
5. Ленин В.И. Полное собрание сочинений. Т.42,- б.124.
6. Чечет В.В. Патриотическое воспитание в семье.- Минск: Народная асвета.1980.

7. Концепция воспитания школьников Кыргызской Республики. / Кут билим.20 декабрь.2002.
8. Савин Ю.В. Учить школьников на традициях патриотизма.// Дидактика,3 5 сентябрь, октябрь 2002.
9. Гасанов З.Т. Проблемы воспитания патриотизма, дружбы народов, веротерпимости// Педагогика,№4,2001,-24.
10. Жени Стил, Керт Мэредис, Чарьз Темпл. Основы развития критического мышления. Пособие 1. фонд «Сорос-Кыргызстан».-Бишкек.,1998.

## 1 БӨЛҮМ

## *МАМЛЕКЕТТИН СИМВОЛДОРУ*



Бизди бир өлкөгө бириктирип жана атуул кылган нерсе эмне? Бул бир территория, тил, мыйзамдар. Ошону менен бирге өлкөнүн мамлекеттик символдору: желек, герб, гимн, аларды шаарлар менен айылдарда, биздин Ата Мекендин чек араларында, Мекенди коргоочулардын формаларында, мамлекеттик уюмдардын үстүндө, спортсмендердин костюмдарынан көрсөк болот.

Окуучулар көз алдында Мамлекеттик желек жана Кыргызстандын Мамлекеттик гербин элестете алышы керек. Бала- чон өлкөнүн кичинекей атуулу, анын келечеги.Кыргызстандын аттуулу деген наам менен сыймыктанууга балдарды үйрөтүү керек.

Өз урук туугандарын, уруусунун таржымалын өздөштүрүү менен бала өз элинин тарыхын, өз бир тууугандарын, жакындарын сүйүп, өткөн муундарга сый менен мамиле кылуу менен элинин кылымдар бою жараткан нукура маданияты жана тарыхы, кылган иштери менен сыймыктанышы керек.. Бул балдар, өз учурунда патриоттордун дагы бир муунун тарбиялайт.

Гимдин жаралыш тарыхын билүү менен бала ар бир аттуул үчүн мамлекеттин турмуштундагы гимдин маанисин түшүнөт

# Ата Мекен эмнеден башталат?

«Кыргыз Республикасынын желеги»



## Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз

Мамлкекеттин туусу, герби, гимни мамлекеттүүлүктүн символу болуп саналат. Мамлекеттин туулары мамлекеттик имараттардын үстүндө жана дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн, элчилердин автомашиналарында тагылат. Салтанатуу майрам күндөрүндө туулар менен үйлөрдү жана көчөлөрдү жасалгалашат. Мамлекеттик желекке урмат беришип аны өтө ыйык тутушат.

Желектин өлчөмү, анын түстүк гаммасы Жогорку Кенеш тарабынан аныкталат.

Желектин түсү жөн гана тандалбайт. Желекти бекиткенде элдин байыркы традициясы, алар сүйгөн өң-түс менен. Атайын мамлекеттик символикасы изилдеген – геральдика деген илим бар. Анда атайын

символдорду түзүү боюнча шарттар бар. Алардын бир нечеси төмөндө көрсөтүлгөн:

- Гербдин символикасы желектикине караганда байыркы;
- «улуттук желектин составына кирген түс өткөн нерсени сыйлоо, сөссүз түрдө мамлекеттик гербден алынган»(Лысенко Н(;
- Желекти түзүүдө сөзсүз түрдө элдин нукура идеяларын, анын тарыхын жана байыркы символикасын эске алуусу керек.
- Советтик бийлик түзүлгөндөн баштап КМШ өлкөлөрүнүн ошонун ичинде Кыргыз Республикасынын желеги кызыл түстө болуп, анда орок менен балка чагылдырылган.
- Кызыл Туу астында Советтик Армия Берлинге чейин жеткен. Рейхстагдын үстүнө сайылган желек да кызыл түстө болчу.

Желек менен гербдин алдында, салтанаттуу ыр менен элдер көптөгөн баатырдык иштерге барышкан. Эр жүрөк жер-суу изилдегендер жана суучулдар улуу ачылыштарды жасашап, ал мурунтан белгисиз жерлерге өзүнүн элинин белгилерин коюшкан. Эр жүрөк патриоттор өз Ата Мекенинин боштондугу үчүн күрөшүшкөн.Көптөгөн элдер мамлкекеттик символикага жетишүү үчүн көптөгөн сыноолорду башынан өткөрүштү.

Кыргыз Республикасынын желегинин түстүк гаммасын Жогорку Кенештин жыйынында талкуулаганда биринчи иретте көк түс сунушталган, анткени улуу Манастын желегинин түсү көк болгон, бирок өтө катуу дебеттардан кийин биздин мамлекеттин желегинин түсү кызыл болуш керек деген жыйынтыкка келишкен.

Кызыл бирончөй түс баатырдык менен эр жүрөктүлүктүн сиволу,өзүнүн нурларында бөлөнгөн алтын күн, тынчылык менен бейпилдикти символдойт, түндүк – туулган үйдүн символу, кеңири түшүнгөндө Аалам.

## «Мамлекеттин салтанатуу ырлары»

Гимн грек тилинен которгондо салтанатуу ыр. Гимндер ар түрдүү болушат: мамлекеттик, аскердик, диний, тарыхый окуяга же баатырга арналган. Музыкалык энциклопедия гимнди, текстинин адабий образдуулугу менен, бат эсте алчу обону менен, шашпаган, марштык ритми жана музыканын улуулугу менен өзгөчө музыкалык чыгарма катары карайт..

Революция учурунда, элдик көтөрүлүштө, сырткы коркунуч пайда болгон учурларда согуштук ырлар - гимн болуп турчу. Биз белгилей кентчү революциялык ыр – «Марсельеза». Аны бир

түндүн ичинде жаш офицер-сапер, капитан Руже де Лиль жараткан. Ал өзүнүн ырын «Рейн армиясынын салгалашуу ыры» деп атаган. Страсбургдан ал ыр менен революциялык Францияга каршы чыккан австрийиictер менен пруссстарга каршы согушка аттанышкан.

Ыр өзгөчө марселдиктерге жагып калган. Алар бүт Францияга бул ырды «Марселдиктердин маршы» ( же кыскартылып «Марсельеза») деп жайылтышкан.

Ал ырдын башы:

О, Ата Мекен балдары, алга!
Сенин данкындын күнү келди,
Бизге тирандардын көчү келе жатат.
Кандуу желектерди көтөрүп
Куралга, граждандар!

Франциянын республикалык өкмөтүнүн атайын комиссиясы жана композитор А.Томдун жетекчилиги астында анын музыкалык текстин кабыл алганда Гана «Марсельеза» 1888 жылы Франциянын гимни болду.

Куба гимнине 100 жылдан ашуун мезгил өттү, ал Кубанын көз карандысыздыгы үчүн согуш учурунда жаралган. Ал дагы эркиндик үчүн күрөшүүчүлөрдүн эр жүрөктүгү жана баатырдыгынын күбөсү болгон. Анда:

Атак данк менен мерт болуудан корпогула,
Ата Мекен үчүн курман болу – демек, бул жашоо.
Куралга, баатырлар, алга!

Эн эле байыркы гимн- бул Великобританиянын гимни «Кудай, падышаны сакта!». Ушундай сөздөр менен башталган жана аякталган гимдер Европанын көп өлкөлөрүндө XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында пайда болгон.

Советтик мезгилде (1917- 1943жж.) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни «Интернационал» - эл аралык пролетариаттардын гимни (тексти Э.Потье(1871) музыкасы П.Дегейтер) болгон.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни – бул мамлекеттик биримдүүлүктүн символу, элдин жүрөгүнүн түпкүрүндөгү ойлору менен максаттарын,кен пейилдүүлүгүн чагылдырат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни 1992 - жылдын 18- декабрында Жогорку Кенештин 9 - сессиясында кабыл алынган.

Сөзү: Жалил Сыдыков менен Шабанбек Кулуевдики.
Музыкасы: Насыр Давлесов менен Калый Молдобасановдуку.

Ак мөңгүлүү аска тоолор, талаалар.
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала - Тоону мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

Кайырма:

Алгалай Бер, Кыргыз Эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй Бер, өсө Бер,
Өз тагдырын колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак Эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жериме.

Кайырма:

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

Кайырма:

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби-
биздин өлкөнүн өткөнү, азыркы кези жана келечеги»




Кайсыл гана мамлекет болбосун башкы символу – бул герб.Анда образдык формада өлкөнүн мамлекеттүүлүгү жана мамлекетти түзүүчү улуту чагылдырылат.

Тээ алгачкы коомдо, адамдар уруу – уруу болуп жашаган кезде эле алардын өзүлөрүн башка адамдардан өзгөчөлөп, бөлүүгө болгон аракети тотем аркылуу көрсөтүлгөн. Бул эреже катары кандайдыр бир жаныбардын же куштун: аюу, арстан, бүркүт аркылуу чагылдырышы болгон.Алгачкы коомдо жашаган адамдардын түшүнүгү боюнча тотем- урууллардын башы болгон. Бул ишенимдерди тотемизм деп аташат. Уруу тотемди өзүнүн колдоочусу жана сыйынаары катары санашкан. Миндеген жылдар өттү, азыркы учурдагы көптөгөн шаарлардын гербдеринде жаныбарлардын сүрөтү пайда болду.

Коомдук жашоо турмуштун, мамлекеттин өнүгүүсү менен башка символдор да пайда болду.

Кыргыз мамлекетинин жашоосунда символика да орчунду орунду ээлейт. Суверенддүү Кыргызстан мамлекеттүүлүктүн жаны мазмундуу атрибуттарына да ээ болду: желек, герб, гимн.

Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинде Кыргыз Республикасынын Гербинин тарыхы чагылдырылган документтер бар.

1936 - жылы Кыргыз АССР союздук республикага көтөрүү мезгилинде биздин мамлекеттин Конституциясынын жана Гербин түзүү боюнча иштер жүрүп жаткан. 1936- жылдын 14- августунда эң мыкты Гербдин проектин түзүү боюнча конкурс жарыяланган. Анын шартында «... Герб формасы боюнча СССР дин Гербинин формасы менен дал келиши керек жана сөзсүз түрдөгү орок менен балканын, беш учту жылдыздын, «Бардык өлкөнүн пролетариаттары, бириккиле!» деген сөздүн сакталышы менен өлкөнүн географиялык жайгашуусун, экономикалык өнүгүш денгээлин чагылдырыш керек эле». Жюри сунушталган 36 проектин ичинен сүрөтчү О.Т. Павленконун проектин тандап алды.

Кыргыз АССРинин Призидимунун астындагы Конституциялык комиссия 1936 -жылдын 8 -сентябрындагы чечими менен мамлекеттик гербдин бекитилишин аныктаган.( ЦГА КР.Ф.21.Оп.11.Д.6.Л.204-205).

Кыргыз ССРинин Конституциясы 23- март 1937- жылдын V Шашылыш съездинде бекитилген.Конституциянын 115 статьяында мындай деп жазылган «Кыргыз Социалистик республикасынын Мамлекеттик герби орок менен балкадан турат. Анын үстүндө буудайдын чынжырынын үстүнөн чыгып жаткан тоолор, сол жакта пахтанын шагы. Венок кызыл лента менен курчалып орто чекинде кыргыз жана орус тилдеринде: «Бардык өлкөнүн пролетариаттары, бириккиле!» Лентанын аягында кыргыз тилинде «Кыргыз ССР».

1941 жылдын 31 январында кыргыз жазуусунун орус алфавитине өтүшү менен геральдикалык жазуулар да өзгөргөн ( ЦГА КР. Ф.1445. Оп. 4.Д.17 а. Л.1-3).

Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин 1948- жылдын 25-мартында Конституциялык редакцияда кабыл алынган Мамлекеттик гербге беш бурчтуу Кызыл жылдыз киргизилген. Ушул бойдон герб Кыргыз республикасынын көз карандысыздыгын алганга чейин калган.

Суверендүү Кыргызстандын гербин иштеп чыгуу эки жылга созулган. 1223 проект сунушталган, анын ичинен жюри 5 тандап алган. Жогорку Кенештин депутттары эки жакшы «Экология« жана «Нур» деп аталганын карооого калтырышты.

«Нур» проектиси 1994- жылдын 18- январында Мамлекеттик герб катары бекитилди.

Анын авторлору Нарын шаарынын балдар чыгармачылык мектебинин директору Асеин Абдраев жана Эл депутаты, Нарын ИИМ начальниги Садырбек Дубанаев. Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен С.Дубанаевге генерал-майор деген наам ыйгарылган, ал эми А.Абдраевге «Кыргыз Республикасынын эмгек синирген ишмери» деген наам ыйгарылган.

Гербде алп бүркүт тартылган. Ал бейкутчулуктун, экономика менен маданияттын жетишкендиктеринин символу болуп эсептелинет. Бүркүт өзүнүн алп канаттары менен Ала Тоонун мөнгү баскан чокуларынын үстүнө чыгып келе жаткан күндүн нурларын жаап турат Гербдеги «Кыргыз Республикасы» деген жазууну буудайдын башы жана пахтанын чанактары-биздин кыргыз жеринин негизги байлыгы кучагына алып турат. Көлдүн көрүнүшү бул жаратылыштын коздугугун, жашоонун жана энергиянын булагы.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Герби демократиялык коомду куруунун символу жана өткөндү, азыркы учурду жана биздин өлкөнүн келечеги.

## Маалымат үстүндөгү иш «Зигзаг II» стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт

## «Зигзаг II» стратегиясынын негизги кадамдары

1. Проблеманы коюу.
2. Бардык окуучуларды «16 адам» командасына бөлүү.
3. Текст боюнча жана эксперт орундар менен иштөө.
4. Тексти эксперттик группаларда изилдөө. Эксперттик барактардардагы суроолорго жооп берүү.
5. Копроративдик группаларда текстин бөлүктөрү менен иштөө.
6. Иштин жыйынтыгын корпоративдик группаларда презентациялоо. Ар бир корпоративдик группадан эксперттик баракчаларга жооп берүү». 1

## Мугалим үчүн маалымат

Мугалим «Зигзаг II» стратегиясы боюнча иштөөнүн шарттарын окуучуларга ттүшүндүрөт. Ошону менен окуучуларга иштин жыйынтыгында бардыгы тексти бүтүндөй өздөштүрүүсү керек экендигин жана ошону менен бирге ар бири текстин бир бөлүгү боюнча эксперт болуп калгандарга түшүндүрүп бериши керектигин

түшүндүрөт.Өзгөчө көнүлдү эксперттик барактар боюнча суроолорго буруу зарыл.Окуучулардын жооопторун угуу учурунда салтанаттуулук менен сүйүнүчтүн эмоционалдык фонун түзүү керек.

---

1. Буйских Т.И., Задорожная Н.П. Критическое мышление в преподавании общественных дисциплин- Б.,2003.-43.б.

## Мугалимдин кириш сөзү.

Урматтуу окуучулар, бүгүн биз биздин Кыргыз Республикасынын мамлекеттин символдору – туу, герб, гимнге арналган салтанаттуу сабакты башттап жатабыз. Силер менен төмөнкү максатты көздөйбүз.

**Максаты:** Биз мамлекеттик символдорду түшүнүү менен аларга болгон урамтты жана данкты өзүбүздө тарбиялашыбыз керек.

### Тарбиялык сааттын жүрүшү

**1 кадам. Мээ чабуулу.**

Символиканы изилдөөдөн мурун, биз э качан биз биринчи жолу Ата Мекендин сиволдору менен биринчи жолу таанышкан күндү эске түшүрөлүүчү. Ал учурда силерде кандай сезимдер пайда болду? ( Жеке иш, жуп менен иштөө, андан сон көңүлгө толорлук жооптор угулат).

**2 кадам.** Балдар өзүлөрүнүн идеялары менен бөлүшүшөт. Мугалим алардын жоопторун бөлбөшү зарыл. Ар бир идея балдардын өзүн көрсөтүүсү, өнүгүүсү үчүн баалуу.

**3 кадам.** Бул кадамда мугалим балдарга текстин бир бөлүгү боюнча эксперт боло тургандыгын жана ал бөлүктү башкаларга түшүндүрүп берүү зарыл экендигин түшүндүрүп бериши керек.

## 2 БӨЛҮМ
## *«СЕН ООРУБА, МЕН ООРУЮН АТА ЖУРТ...»*

.



Ата Мекенине болгон сүйүү,сыймык баланын өнүгүсүүндө чон мааниге ээ. Эгерде Ата Мекенге, тарыхка, маданиятка болгон сүйүү, сыйлоо сезими жок болсо, Ата Мекениндин атуулун жакшы сапаттарга ээ инсанды тарбиялоого мүмкүн эмес.

Балдар өзүлөрүн калктын бир бөлүгү катары, Кыргызстандын атуулу катары сезиши керек. Бул багытта балдарды өзүлөрү жашаган Ата Мекен –шаар ( айылдан) баштоо керек да, бара-бара шаар(айыл) бул чон өлкөнүн бөлүгү экендигин, ал эм балдар-Кыргызстандын тургундары, өлкөнүн атуулдары деген түшүнүккө алып келүү керек. Өз шаарынын (районунун) тарыхын билүү менен балдардын өз Ата Мекенине болгон сүйүүсүн аң-сезимдүү кылып, аларды патриотттук духта тарбиялоого жардам берет. Мунун баары өлкөнүн, шаардын( айылдын) тарыхын, шаардын(айылдын) терен изилеп, окуудан башталат. Андан ары тарыхты, маданиятты,үрп- адаттарды, каада- салттарды изилдеп, окуп үйрөнүү менен андан ары улантылат.

## «Ысык-Көл – өткөн окуялардын бир элеси »

**Ай артынан ай өтүп,**
**Нечен кылым алмашты,**
**Көл жөнүндө маалымат**
**Көркөмдөлүп сакталды**



**Биз төмөнкү маалымат менен иштейбиз:**

### Өткөн маданиятка реквием

Ысыккөлдүн астында жаткан урандылар жөнүндөгү уламыштар сюжети боюнча ар кандай, бирок алардын баарында көл астындагы шаар же хандын сарайы жөнүндө. Көптөгөн мезгил бою аз гана адам Ысыккөлдүн астындагы шаар урандылары экендигине ишенип келген.

Бирок бар уламыштардагы чындыктын бар экендигине калет жок. Уламыштарда кыргыз элинин поэтикалык тилге салынган тарыхы камтылган, ошол байыркы заманда көлдүн жээгинде чынында эле шаар же калк жайгшкан жер болгондугу далилденип келген. Азыркы күндө окумуштууларга көл астындагы ондогон урандылар белгилүү жана алар илимий, эл чарбачылык жөнүндөгү маанилүү маалыматтарды өзүнө катып, көлдүн өзгөрүп турушу жөнүндөгү баалуу маалыматтарды алууга шарт түзөт.

Кандайча ал урандылар көлдүн астында болуп калды?

Байыркы Ысыккөлдүн жээгинде эмне болду жана качан болду? Бул суроолорго уламыштар жооп бере албайт болушу керек. Алар кимдир бирөө катострофанын себепкери бул кудуктун капкагын жабууну унутуп калган аялдын кесепетинен улам суу көтөрүлүп, шаарды каптап жана 6000км. жогору, аянтынын терендиги 668 метр, суунун көлөмү 1700км.кв. жана өзүнүн терендиги менен Балтика көлүнөн үч эсе ашкан көл пайда болгондугуна ким ишенет?

Азыркы күндө ушундай катострофа Ысыккөлдө болушу мүмкүнбү? Албетте мүмкүн, анкени көл жаны тоолордун аймагындагы сесмикалык зонада жайгашкан. 8 июнь 1887- жылы көлдүн түштүк жээгиндеги бологон Верен жер титирөөсүнөн кийин Чолпоната районунда «Көлгө жакын жайгашкан жээги бир нече жүз сажынга мурунку денгээлинен ылдый түшүп көлдүн алдында калган». 29-июнь 1889- жылкы жер титирөөдөн кийин көлдүн кээ бир жээктери ылдыйлап, ал эми көлдүн денгээли көтөрүлгөн. 1910- жылкы жер титирөөнүн кесепетинен Ойтал менен Ананьевонун ортосундагы жерлердин топографиясы өзгөргөн да адрлар пайда болгон, ал эми Григоьевка айылынын районунда эн чон аскалар да ураган.

Албетте, окумуштуулар бул фактыларды көлдүн астындагы шаар пайда болушун изилдөөдө эске алышты. Академик Л.С. Берг «Ысыккөлдүн астындагы урандылар өзүнүн пайда болусу жер титирөөгө байланыштуу»- деп жазат, ал эм кээ бир окумуштуулар бул жердин «эбегейсиз» түшүп кетүүсү деп эсептешкен. Бирок бул ой да аягына чейин далилденген эмес. Жер титирөөнүн себебиндеги тектоникалык өзгөрүүлөр жээктин анча көп эмес участогунда болот, ал эми байыркы чөгүп кеткен шаар бар болучу. Мунун баары суунун көтөрүлүшү жана көлдүн жээгинин түшүшү бир гана жердик бобостон, тоталдык болгонун далилдейт.

Л.В.Шнитников, белгилүү физик-географ далилдегендей, көлдүн денгээли чон, узакка созулган өзгөрүүлөргө дуушар, алар көп кылымдар бою түндүк өзгөрүлөр менен байланыштуу. Окумуштуулар суунун максималдуу көтөрүлүшүнүн бир нече максималдуу(

трангрессия) жана түшүсүүнүн максималдуу( регрессия) аныкташты. Эки эң эле күчтүү трангрессиялар, Л.В.Шнитников боюнча, 1850-жылга барабар. Анын бири жаны эранын акырында XIX- XVIII кылымдадын акырында болгон. Ысыккөлдүн суусунун аяңкы денгээли 12-13,5 метрге жогору болгон, азыркы Көтмалды ( Балыкчы шаарына жакын) жогору болгон жана өзүнүн суусу Чу суусуна куйчу.

Орто кылымдагы трангрессиянын пайда болуусу жөнүндө маалыматтар ачык эмес. Сарыбулуң шаарындагы көл суусунун ылдыө турушу XIX- XVIII кк. Менен аныкталат, ал жөнүндө монгол-тимуриддин мезгилине тиешелүү болгон табылгалар далил болушат ( көк глазурчан, коло көп). Чөгүп кеткен Дархан шаарынан да анча көп эмес XVIII кылымдын материалдары табылган. Чөгүп кеткен жерлерден табылган керамика X- XII кылымдар менен белгиленген.

Көл дем алып жаткандай. Көлдүн эки баатырдык дем алуусу 1850 жыл менен аныкталат. Азыркы мезгилге чейин бизге Тяншан эбегейсиз алп максималдуу дем чыгаруусунун территориялык денгээли белгисиз. Аны андан аркы табыгый илимдер менен бирдикте көл астындагы археологиялык изденүүлөр гана аныктай алат.

Келтирилген фактылардын негизинде Чигу шаарынын тагдыры кандай?

... VIII кылымда азыркы Түп булуңу такыр башка ланшафта болгон. Булун жок болчу. Бул жерде кенен өрөөн болгон, ал өрөөндө бир калыпта суу акчу, ал Сарыбулуң шаарчасынын батыш жагындагы көлгө куйчу. Балким бул жерде бир нече суунун делтасын түзгөн нугу болчу. Дельта балыкка бай болгон (XIX кылымдын орто ченинде Чокон Валиханов жетектеген казактар сазандарды кылыч менен сорпо үчүн чабышкан) жана бийик камыш өскөн жер болгон чыгар. Дельтанын сууланган жеринен жакшы түшүм алынуучу. Мындай жакшы жерлер мал багуучуларды өтө кызыктырып жана малды кыштатууга эң ыңгайлуу эле. Бул жерден өйдө болуп бөлүнгөн жеринде суунун сол жээгинде сактардын отурукташкан жери болгон. Балким ошол кезде эле ал жер сактардын атактуу адамынын кыштоосу-ордосу болгондур. Бул жерде малчылардын суроо талаптарына ылайык келген нерселерди эң элн жөнөкөй мештерде карапаларды жана колону ээритишкен.

Биздин заманга чейинки II кылымда усундар сактарды кысымга алып Тяншан өрөөнүн басып алганда, алардын башчысы бул жерде өзүнүн чатырын тиккен. Ушул жерге кытай элчилери да келишкен, ушул жерде каарып калган усун башчысына көптөгөн жзылкы үчүн алмашылып келген жаш кытай кызынан көз жашы төгүлгөн.

Жаңы эранын чегинде (же бир аз мурунураак) көлдүн кезектеги трангрессиясы башталган. Суу көтөрүлүп дельтаны чөктүрүп, андан кийин бүт өрөөндү каптап, азыркы кездеги 1620 метрге көтөрүлгөн. Азыркы Чигу шаары да суу астында калд. Усундар өзүлөрүнүн ордосунун башка жерге көчүрүүгө мажбур болушкан. Ордо Чигу деп атала берди, ал эми тарыхый картада болсо кээде Чүй өрөөнүндө, кээде Кочкор аңында, кээде Тяншан тоолорунун борборунда көрсөтүлүүчү, ал эми жаны эранын башталышында усундардын турукту жери жок болду.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы бир топ маалыматтарга таянуу менен «чөгүп кеткен Сарыбулуӊ шаарчасы тарыхый Чигу болгон деген» гипотезаны аныктайт.

Биздин эрадагы VIII кылымында Ысыккөлдүн суулары кете баштады. Барабара көлдүн жээгин бойлой орто кылымдын бай шаары пайда боло баштады, алардын соода-сатык мааниси Багдадда − араб халифатында да белгилүү болчу.

XIV кылымдын акырында орто кылымдын шаарлары жокко эсе болду. Кезектеги трангрессия бир кезде гүлдөп турган эл отурукташкан сарайлар менен алачыктарды, ишканаларды, мавзолейлерди, сода алачактарынын баарын тыйпыл кылып салды. Күйгүзүлгөн кирпичтерден курулган турак жайлардын урундылары гана бир кездерде архетектуралык ансамблдердин элесин азыр көл астынан берип турат. Орто кылымдык жогорку денгээлде өнүккөн маданияты, жер иштетүү менен алектенген мезгил жөнүндөгү туралуу маалыматтар бизге эӊ эле аз санда жетти.Ошол да кичине нерсени өтө эле кызганыч сезим менен аскер катары көл өзндө азыр да салтап турат.

Алдыда дагы жаңы ачылыштар жаңы табылгалар жаны маалыматтар бар…

***Маалымат үстүндө иш «ИНСЕРТ» стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт.***

**«ИНСЕРТ» стратегиясынын негизги кадамдары**

1. Тема боюнча бар билимдерди актуализациялоо ( мээ чабуулу) : жеке, жуп жуп менен , группада. Жалпы идеялардын тизмесин түзүү;
2. Маалыматты маркировкалап окуу:
   «V» - билем
   «+» - жаны

« -» - маалымат бар билимдерге карама каршы( же тексте карама-каршылыктар бар)

«?» - маалымат суроо тудурат, күмөн саноо, макул эместик;

3. Өз алдынча окууну жуп менен, андан сон группада талкуулоо.
4. Баштапкы идеялардын тизмеси менен салыштыруу, аларды сынчыл көз караш менен кароо.
5. Жалпылоочу таблицаны түзүү.(1).

| V | + | - | ? |
|---|---|---|---|
| 1. | 1. | 1 | 1 |
| 2. | 2. | 2. | 2. |
| 3. | 3. | 3. | 3. |

**Мугалимдин кириш сөзү.**

Биздин Ысык-Көл - Кыргызстандын негизги байлыгы экендигин баарынар билесиңер.Көптөгөн чет өлкөлүк туристтер да бизди көлдүн арынан эле билишет.Бирок, ошолордун ичинен бардыгы эле мурун көлдүн ордунда өнүккөн цивилизациясы бар «Чигу» деген шаар болгондугун.. Ал шаардын калдыктарын биз тынч аба ырайында көлдүн түбүнөн көрөбүз.

Биз бул маалымат үстүндө «ИНСЕРТ» стратегиясынын жардамы менен иштеп, төмөнкү максатты көздөйбүз:

**Максаты:** Ысык-көлдүн тарыхын, илимий маалыматтарды өз алдынча анализдөө менен, маалыматты түшүнүүгө сынчыл көз караш менен мамиле кылуу.



**Тарбиялык саат боюнча мугалимге маалымат.**

1. Маалымат үстүндө өтө кылдыттык менен иштөө керек( деталдуу).
2. Мугалим окуучулардын текстин күмөн саноо, суроо сезимин пайда кылган бөлүмдөрүн издөөгө түрткү бериши керек.
3. Мугалим окуучулардын иштерине көз салу менен текстеги туура жана туура эмес маалыматтарды салыштыруусун байкап турушу керек.
4. Текст боюнча пайда болгон суроолор боюнча өз алдынча иштөө боюнча сунуштарды бериши керек.

**Тарбиялык сааттын жүрүшү:**

**Чакыруу:**

**1- кадам.** «Ысык-көл жөнүндөгү» музыка акырын ойноп турат, бул музыканын астында мугалим окуучуларга суроо менен

кайрылат : Силер көл жөнүндө эмне билесиңер же билем деп ойлойсунар, анын пайда болушу жөнүндө эмне билесиңер?

**2- кадам.** Окуучулар 3-5 минуттун ичинде көл жөнүндө эмне билишет деп ойлогондорун жазышат.Бул жерде туура эмес же туура экендиги өзгөчө мааниге ээ эмес.

**3- кадам.**Окуучулар жуптарга бөлүнүшөт. Сиз өзүнүзгө керектүү нерселерди жазгандан кийин, аларды жуптары менен Ысык-Көл жөнүндө эмне билгенин же билем деп ойлогондору менен бири- бири менен ой бөлүшүүнү сураныныз.

**4- кадам**. Жуптар менен талкуудан кийин, ар бир жуптан аларга кызыктуу деп ойлогон ой менен бөлүшүүсүн сурангыла.

**5- кадам**. Мугалим доскада (ватманга) окуучулар айткан бардык фактыларды, четке какпастан жазат

**6- кадам** . Андан сон мугалим: «Азыр силер «Өткөн маданиятка реквием» деген тексти окуйсунар жана тексти окуп жатканда текстин четине V;+;_? белгилерин коюшунар керек»,- деп түшүндүрөт.

Белгилөөлөр төмөнкүдөй болушу керек :

V – бул белги, эгерде силер билген нерсе менен дал келсе;

- - силердин билимиңер текстеги нерсе менен карама-каршы Б;олсо;

+ - силер үчүн бул жаңы, күтүүсүз болсо;

? – эгерде силерге бир нерсе түшүнүксүз болсо же бул боюнча дагы жаңы нерсе билгиңер келди.

**Кабылдоо:**

**7 – кадам .** Тексти окуу жана маркировкалоо. Бул жерде V же + белгиси бар гана окуучуларга көнүл буруу менен жардам берүү керек.

**8– кадам.** Текст боюнча ангемелешүү( жуптарда, андан сон группада) Бул жерде балдарга бири бирин угууга жана пикирлешүүгө үйрөтүү керек.

**9 – кадам.** Мугалим окучулар тексти окуп бүткөндөн кийин алардын текст менен тааныша электе Ысык-Көл жөнүндө жазган тизмеси менен эмне дал келди, эмнеси дал келген жок,кайсыл суроолорго жооп таба алышкандыгы жөнүндө ойлонууну сунуш кылат, өзгөчө көнүлдү жоопсуз калган суроолорго буруу керек жана суроолор боюнча балдарга өз алдынча иштөөгө тапшырма берүү керек.

**10 – кадам.** Таблица толтурулат (же доскада же ватманда жана окуучулар өз дептерлерине көчүрүшөт).Таблица толтурулуп жаткан учурда окуучулардын кээ бир жооптору кайталанышы мүмкүн, ошондуктан ал жоопторду кайталанбас үчүн жалпылап жазуу керек.

**Эскертүү:** жазуулар кыска жана өтө көп болбошу керек

**Мисалы:**

| V | + | - | ? |
|---|---|---|---|
| -Кааардуу хан жөнүндөгү легенда | -1889жылдын 28 июнундагы жер титирөө | -Ысык-көл мурун көлөмү боюнча кичине болчу. | -көлдүн астында дагы чөгүп кеткен кандай шаарлар бар? |
| -кудук жөнүндөгү легенда | -көл 1850 жылда бир өйдө көтөрүлүп кайра ылдый түшөт | -усундар-кыргыздардын байыркы ата теги | -алар кимдер эле жана эмне болуп жоголуп кетишти? |
| -Ысык-көлдүн узундугу, туурасы, көлөмү | | | - көл такыр жоголдуп кетиши мүмкүнбү? |
| -Ысык-көл-курорттук зона, ж.б.у.с. | | | |

.

**11- кадам.** Текст чечпеген суроолор боюнча мугалим кошумча материалдарды берип, көрсөтмөлөрдү берет.

**Ойлонуу:** «Ысык-көл- жер сулуусу!»- аттуу өзүнө кат жазуу.

Адабияттар:


1. Винник Д.Ф. Работы Ыссык – Кульского археологического отряда .1959.-с.8991.сүрөт 3.
2. Вулли Л. Забытое царство. М- .,1986.-33 бет.
3. Берштам А.Н. Археологический очерк Северной Киргизии.- 37 бет.

4. Бартольд В.В. Надпись с кладбиуа у озера Ыссык-Куль. 4.т.-М.,1966.-339-340 бет.
5. Иванов П.П. Материалы по археологии котловины Иссык-Куля.98 бет.
6. Шнитков А.В. Иссык-Куль: Природа, охрана и перспективы использования озера.-Фрунзе,1979.-9-14 бет.

Умурзаков С.С. С четырех строно горизонта. 1978.-31 бет.

**«Ар бир адамга өзүнүн туулуп өскөн жери артык»**



**Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз:**

## Тору-Айгыр жөнүндөгү уламыш

Качандыр бир өткөн заманда Ысык-көлдүн күнгөй жагында бир кедейдин тору айгыры болгон экен. Тору айгыр кедейдин жалгыз байлыгы жана үй бүлөсүн баккан жардамчысы экен.

Күндөрдүн биринде байдын тоюнда өткөрүлгөн ат чабышка тору айгыр да катышып, мен деген күлүктөрдү артка калтырып маарага

биринчи болуп келет. Байкуш айгырдын ээси бул женишке аябай сүйүнөт.

Бирок бир түнү, көлдүн аркы тескей тарабынан түн жамынып уурулар келип, байкуш кедейдин көзгө басар жалгыз тору айгырын уурдап кетишет.

Бирөөнүн жеринде, бирөөнүн элинде байкуш тору айгыр өз ээсин, оттоп жүргөн жерин сагынып, жем - чөптөн баш тартып, оозуна наар албай туруп калат.

Бир түнү ал байланган жиптеринен бошонуп, көлдүн жээгине чуркап келип, көлгө кирип, сууну жиреп өз жерине карай түнү бою сүзө берет.Таң атканда туулган жери көрүнө баштайт.Акыркы күчүн чогултуп тору айгыр колдүн жээине чыгып, ээсинин үйүнө жетип, мүрт кулайт.

Азыр бул жер «Торут айгыр» деп аталат, анткени жаныбар болсо да өз элин, жерин баалап, сагынган тура.

*Маалымат үстүндөгү иш «Таяныч сөздөр» стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт.*

**«Таяныч сөздөр» стратегиясынын негизги кадамдары:**

1- кадам. Таяныч сөздөрдү «Караңгы түн, уурулар, өлүм, эсте калды» доскага жазуу.

2- кадам. Таяныч сөздөр менен жеке өз алдынча иштөө,кичине ангеме түзүү.

3- кадам. Аңгемени жуптар менен, группа менен талкуулоо.

4- кадам. Өзгөчө кызыктуу аңгемелерди презентациялоо.(1)

**Мугалимдин кириш сөзү.**

«Биздин өлкөбүздө көптөгөн жерлердин аттары белгилүү инсандардын аттарынан, тарыхый окуялардын негизинде, жаныбарлардын аты менен аталып калган».

Биз маалымат үстүндө «Таяныч сөздөр» стратегиясынын жардамы менен иштейбиз жана төмөнкү максатты көздөйбүз.

**Максаты:**

Балдарга өз алдынча Торуа йгырдын эрдиги жана айылдын аталышынын себебин анализдеп, өз алдынча жыйынтык чыгарууга мүмкүнчүлүк берүү.

1 Буйских Т.И.,Задорожная Н.И.Критическое мышление в преподавании общественных дисциплин.-Б., 2003.-43.б.

**Тарбиялык саатын темасы боюнча мугалимге маалымат**

1.Берилген таяныч сөздөрдүн ангеме түзүүдө колдонушуна көнүл буруу керек.
2..Иште белгилүү бир регламент болушу керек.
3. Бардык таяныч сөздөр патриотизм темасы менен байланыштуу болушу керек.

**Тарбиялык сааттын жүрүшү:**

**Чакыруу:**

**1- кадам.** Жаныбарлардын аты менен аталып калган жерлердин атын атагыла жана бул жердин аталып калышынын тарыхын, себебин жазгыла.

**2- кадам.** Окуучулардын ангемелерин талкуулоо (жуп менен, группа менен). Бул кадамда начар окуган бирге олтуруп калбашына көнүл буруу керек.

**3 - кадам**. Өтө кызыктуу текстерди окуу.Бул жерде окуучулар текст менен таанышкандан кийин өзүлөрү да ушундай текст жазууну каалоосу пайда болуусу керек.

**4 -кадам.** «Ысыккөл районунда бир айыл жаныбардын аты менен аталып калган, ал аталыштын өзүнүн уламыш бар.Бирок уламыш менен таанышканга чейин таяныч сөздөрдү жазууну силерге сунуштайм».

**5- кадам.** Мугалим окуучуларга таяныч сөздөрдү берет – « Айгыр, уурулар, кайгыруу, карангы түн, сүзүп өтүү, өлүм, айыл, эстелик».Бул жерде бардык таяныч сөздөр ангеменин текстинде колдонуусу зарыл.

**6 -кадам**. Окуучулардын таяныч сөздөрдү пайдаланып жазган ангемелери менен таанышуу.Бул жерде бардык ангемелерди

окууга убакыт жетпейт, ошондуктан окууну өтө каалаган гана балдардын ангемелерин угуу керек.

**7- кадам.** Мугалим Тору- Айгыр жөнүндөгү уламыштын тексин окуйт.( Тиркемени кара.)

**8- кадам.** Легенданын тексти менен балдардын ангемесинин эмнеси дал келип эмнеси дал келбегендигин кароо.Бул жерде шашпай, бардык жоопторду угуу керек.

**9-кадам.** Мугалим уламыштын текстинин негизинде суроолорду берет.

- Силердин оюнар боюнча эмне үчүн Тору айгыр бөтөн үйдөн качып кетти?
- Эмне себептен айыл тору айгырдын наамына коюлуп калды?
- Эмне себептен эл тору айгыр жөнүндө уламышты жаратты жана ал уламыш биздин күнгө чейин сакталып калды?

Бул жерде тору айгырга болгон урмат жана сый сезимин ойготуу боюнча эмоционадык жагдай түзүү керек.

**Ойлонуу :**

**10 -кадам.** Мугалим өз жерине болгон сүйүүсүн далилдеген тору айгырдын образын сүрөткө тартууга тапшырма берет. Кийин балдардын иштеринин көргөзмөсүн уюштурса болот.

## *«ЖЕТИ-ӨГҮЗДҮН – ЖЫЛУУ БУЛАКТАРЫ»*

( Кенже мектеп окуучулары үчүн)

Кайрымдуулукка умтулса
жамандык болбойт

**Конфуций**



Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз.

**Жети-өгүз жөнүндө уламыш**
( автордук вариант)

Илгери илгери бир өткөн заманда аябагандай бай, бирок каардуу адам жашаптыр.Анын малдары жер бетин бербей сансыз болгон экен.Бирок өзүнүн байлыгына карабастан эч кимге жакшылык кылчу

эмес экен.Болгону өзүнүн сансыз малынын ичинен жети кызыл өгүзүн гана жакшы көрүп, көпчүлүк учурда аларды карап суктанып калчу экен.

Байкуш жетим бала бир сындырым нан үчүн байдын өгүздөрүн бакчу экен. Бала ар дайым кедей менен кары адамдарга жардамга келчү экен, ошондуктан алар да баланы жакшы көрүшчү экен.

Канча аракет жасаса да, жетим бала байга жакчу эмес экен. Малды эрте айдап келсе да, кеч айдап келсе да бай таяк менен баланы жазалап турчу экен. Турмуштун оор запкысын тарткан бала кабагым кашым дебей өз ишин жасап жүрө берүүчү.

Күндөрдүн биринде бай дагы эле күнөөсүз баланы аябай катуу жазалап салды. Эртеси күнү бала бутун араң сүйрөп, көз жашын көлдөтүп өгүздөрдү талаага айдап чыкты, таяк жеген денеси тынбай ооруп жатты.

**Биринчи тыным.**

Бир маалда кайдан жайдан бир ак сакалдуу карыя абышка пайда болуп, баладан эмне себептен эчкирип ыйлап жаткандыгын сурады.Бирок көз жашы көл болгон бала эч нерсе айта алган жок.

Сыйкырдуу карыя баланын жашоосун, кары- картаңдарга, кедей кембагалга болгон жакшы мамилеси жөнүндө жана ырайымсыз ээсин жазалай тургандыгын айтып, баланы сооротуп, көздөн кайым болду.

Оорусунан, көз жашынан чарчаган бала жолдун жээгине жатып уктап калды.

**Экинчи тыным.**

Бала ойгонору менен каардуу байдын жети эбегейсиз өгүздөрү ташка айланып катып калыптыр, айран тан калган бала өгүздөрдү айланып карап, алардын бутунун астынан оргуштап булактан жылуу суу чыга баштады. Чарчаган, суусуган бала булакка бети колун жууп, суусуну кангыча суу ичти да, денесиндеги таяктын издери ошол замат жоголгонун, күчүнө күч кошулуп эч качан чарчагандай болбой калды.

**Үчүнчү тыным.**

Күчүнө күч кошулган бала айран таң калды. Кубанычтуу кыйкырык менен ал адамдарга чуркады.Кары-картаң, алсыз, оорулууларды жылуу булактын суусуна алып келди.Келген элдин бары булактын жылуу суусуна түшүп, четинен оору сыркоолорунан айыгып, булактын дарылык касиетине ишенип калышты.

Ошентип каардуу бай эч нерсесиз калды, ал эми жетим бала өз эли менен жакшы жашап калган экен.

Ошол кезден бери бул жер Жети-өгүз деп аталып калды, жана жыл сайын жылуу булактан чыккан суулардын жардамы менен көптөгөн адамдар өз ден соолуктарын чыңдашат.



*Маалымат үстүндө иш «Алдын ала айтуу» схемаысынын жардамы менен жүргүзүлөт.*

**Стратегиянын негизги кадамдары**

**1-** Маалыматтын мазмунун таяныч түшүнүктөрдүн негизинде прогноздоо (жеке жазуу түрүндө, жуптарда, группада-оозеки).

**2-** Тексти биринчи тынымга чейин окуу жана андан ары эмне боло тургандыгын алдын ала айтуу( жуп менен, группада).

**3-** Алдын ала эмне болорун жазуу жана текстке таянуу менен өз оюн далилдөө.

**4-** Кийинки бөлүгүн окуу жана мурда айтылган ой менен салыштыруу( жупта, группада).

Текст үстүндө иштөө схемасы текстин бөлүктөрүнө жараша кайталанат.

| | | |
|---|---|---|
| Силердин оюнар боюнча эмне болот? | Кандай далил бар? (1-бөлүк боюнча) | Чынында эле эмне болду?(1-бөлүктө) |
| Силердин оюнар боюнча эмне болот? | Кандай далил бар? (2-бөлүк боюнча) | Чынында эле эмне болду?(2-бөлүктө) |
| Силердин оюнар боюнча эмне болот? | Кандай далил бар? (3-бөлүк боюнча) | Чынында эле эмне болду?(3-бөлүктө) |

Текст менен иштин жыйынтыгын эссе же дискуссия формасында резюмелөө. 1

**Мугалимдин кириш сөзү.**

Эл ар кыл жерлердин пайда болуусу жөнүндө көптөгөн уламыштарды жаратат. Уламыш – бул өткөн тарыхтын оозеки түрүндө берилген бир кичине бөлүгү. «Жети-өгүз» жөнүндө көптөгөн легендалар бар, биз силер менен бүгүн алардын бири менен гана таанышабыз.Бул маалымат үстүндө төмөнкү максатты көздөп иштейбиз.

**Максаты:** Окуучуларды уламыш менен тааныштырып, өз Ата Мекенинин кооздугуна баа берүүгө жардам берүү.

**Класстык сааттын темасы боюнча мугалимге маалымат.**

1. Текст ар түркүн сунуштарды, прогноздорду бериши мүмкүн,бирок алардын бирөөсүн дагы четке какпаш керек.
2. 2.Мугалим окуучулар уламышка карата өз ойлорун , сезимдерин эркин билдирүү үчүн жакшы жагдай түзүп бериши керек.
3. Мугалим ангемени ар түркүн суроолордун негизинде кармап турушу керек.

**Класстык саатын жүрүшү.**

**1 кадам.** Таяныч сөздөрдү «Бала, бай,өгүздөр, карыя, булак» колдонуп кичине ангеме жазууга окуучуларга тапшырма берилет( жекече-жазуу түрүндө, группада- оозеки талкулоо).Бул жерде группага эркиндик берип кызыктуу ангемелерди угуу керек.Андан

сон мугалим «Жети-өгүз жөнүндө легендада эмне болот деп ойлойсунар?» деген суроо берет.

**2 кадам.** Тексти биринчи тынымга чейин окуу жана андан ары эмне болорун алдын ала айтуу ( жуптарда, группада).

**3 кадам.** Тексти окугандан кийин окуучуларга «Силерде кандай далилдер бар?» деген графаны толтурууну эске салуу керек, анткени кээ бир окуучулар бул графаны толтурбай коюшу мүмкүн. Бул жерде окуучулардын жоопторун угуу керек, анткени окуучулар өз далилдерин келтирүү менен башка окуучуларды да бул жөндөмдү калыптандыруу керек.

**4 кадам.** Текстин II,III бөлүктөрүн окуу жана мурунку оверсиялар менен салыштыруу (жупта, группада). Бул жерде ар бир ой баалуу деп балдардын ишин жандандыруу керек.

**5 кадам.** Текст үстүндөгү ишти дискуссия формасында резюмелөө.

*Сунушталган суроолор:*

- Жети-өгүз жөнүндөгү легенда менен таанышкандан кийин кандай сезимдер пайда болду?
- Эмне себептен сыйкырдуу карыя балага ыраазычылык белгиси катары жылуу булакты белек кылды?
- Кыргызстанда дагы кандай жылуу булактар бар? Алар жөнүндөгү кандай уламыштарды билесинер?
- Ал уламыштарды жазып келгиле.

**6 кадам.** Класстык сааттын усулдук структурасына анализ жасоо.

## *«ДАЙЫМА ТИРҮҮ ТАШТАР»*

( Кенже мектеп окуучулары үчүн)

Тарыхтын изин сыйлоо керек
Станций

**Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз**

**«Чоң таш жана Сан таш- санак таштар»**
**( автордук вариант)**

Байыркы замандарда ар кыл элдер талоончулук согуштарды жүргүзүп келишкен. Кыргыз элинин да байлыктарын, жерин басып алып, элин кулга айлантууга да көп элдер көз артып келишкен.Өз элин, жерин сактоо үчүн жаш- кары дебей жоого аттанышып, көп адам каза тапкан экен.

Ар дайым согушка кеткендердин көбү каза болуп, азы кайра кайтышчу экен.Эч ким аларга санак да жүрүгзбөптүр.

Бир жолу кезектеги жортуулга аттанууда жоокерлердин башчысы тирүү келгендер менен кайтпай мерт болгондорго санак жүргүзөлү деп сунуш киргизет, ал үчүн белгиленген жерге таш таштоону чечишет.

Согушка кетип жаткандар ташты бир жерге, ал эми кайтканда болсо бир жерге таштайлы деп чечишти.

Мындан кийин жоого аттанганда да, кайтканда да ар бир жоокер белгиленген жерге таш таштоону чечишти.

Согушка кетип жаткан адамдар таштаган таштар ар дайым өсө берди, ал эми согуштан кайткандар болсо, уламдан улам азайа берди.

Таштардын саны ар дайым өзгөрө берди, бирок бир да жолу белгиленген жерде бир да таш калбаган учур болгон жок.

Ушундан улам Түп районунда жайгашкан «Чоң таш»жана «Сан таш» - аттуу эки кошуна айылдын аты аталып калды.

Бул тээ качандыр бир өткөн тарыхтын элесин, согуштан кайтпай калган адамдар жөнүндөгү эстелик катары биздин күнгө чейин сакталып калган таштар болуп эсептелет.

Маалымат үстүндөгү иш «БББ» стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт.

**Стратегиянын негизги кадамдары.**

1. «Силер эмне билесинер…» суроосунун үстүндө иштөө ( жеке, группада).
2. Таблицанын биринчи бөлүгүн толтуруу:

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| 1. | 1. | 1. |
| 2. | 2. | 2. |

3.Таблицанын экинчи бөлүгүн параллель толтуру (кичи группада иштегенде).

4.Маалымат менен таанышуу жана таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтуруу( суроолорго жооп).Эгерде Жаны суроолор пайда болсо,алар таблицанын экинчи бөлүгүнө жазылат.

5. Таблица үстүндөгү ишти жупта, группада жыйынтыктоо.

6.Суроолор түрүндө оө жүгүртүү ( башка формалар да болушу мүмкүн (1).

**Мугалимдин кириш сөзү**

Биздин республикадан көптөгөн жерлердин, шаарлардын, айылдардын, суулардын өзгөчө аталып калган аттары бар, алардын өзгөчө аталып калышынын да өзүнчө тарыхы бар.

Ушундай жерлердин бирөө болуп бул Түп районундагы тоолор менен Ысык- Көлдүн ортосунда жайгашкан эки айыл : «Сан таш» жана «Чоң таш» айылдары болуп саналат.

Бүгүн биз «Сан таш»,«Чоң таш» жөнүндөгү уламыштар менен иштейбиз,жана төмөнкү максатты көздөйбүз.

**Максаты:**коюлган суроолор үстүндө иштөө менен текстин мазмунун түшүнүү жана өлкөнү изилдөөгө башка уламыштар менен да таанышуу.

1.Буйских Т.И.,Задорожная Н.П. Критическое мышление в преподавании общественных дисциплин. - Б.,2003.-43.б.

## Тарбиялык  саат боюнча мугалимге маалымат

1. Эгерде текст менен бардык окуучуларды камсыз кылууга мүмкүнчүлүк болбосо мугалим тексти окуп берсе деле болот.
2. Сабактын аягында иштин жыйынтыгын чыгарууда окуучулардын өздөштүргөн билимдеринин терендигин текшерүү керек.
3. Окуучулардын өз алдынча мекен таануу боюнча материал топтоо ишин ститулдаштыруу.
4.

## Тарбиялык сааттын жүрүшү

**1 кадам.** Чакыруу. «Силер «Чоңташ» жана «Санташ» аттары жөнүндө эмне билесинер?» деген  суроонун үстүндө иштөө ( жеке, группада). Бул жерде мугалим Санташ шамалы,Санташ айылы жөнүндөгү уламыш бар экендигине көнүл бурушу керек.
**2 кадам.** Таблицанын биринчи бөлүгүн толтуруу.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| 1. | 1. | 1. |
| 2. | 2. | 2. |

Көп окуучулар айылдын аталышын билбеши да мүмкүн, бирок алар өз версияларын бериши мүмкүн.
**3 кадам.** Группада иштөөдө таблицанын экинчи бөлүгүн толтуруу. Бул жерде окуучулардын ар кыл денгээлдеги түрдүү суроолорду берүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүнү( калыптандыруу, жөнгө салуу).
**4 кадам.** Маалымат менен таанышуу жана таблицанын үчүнчү бөлүмүн толтуруу( суроолорго жооп берүү).

Таблицанын экинчи бөлүгүн толтуруп жаткан кезде кайрадан пайда болгон суроолорго көңүл буруу керек.

Суроолорго жоопторду окуучулар текстке таянуу менен  өзүлөрү бериши мүмкүн.
**5 кадам.**Таблица үстүндөгү иштин жыйынтыгын жупта, группада талкулоо. Бул жерде окуучулар өзүлөрүнүн баштапкы «Санташ»

жана «Чоңташ» жөнүндөгү баштапкы билимдери текст менен таанышкандан кийин эмне билгендери менен салыштыруу керек.Маалыматты түшүнүп, кабылдоо керек.

**6 кадам.** Суроолор үстүндө ой жүгүртүү :

- Бул уламыштан эмне эсиңде калды?
- Эмне үчүн согуш учурунда жоокерлер таш менен санак жүргүзүшкөн?
- Азыр таштар эмне жөнүндө маалымат беришет?
- Уламыштагы таштар эмненин символун берет? Бүгүнкү күндө бул эмне менен байланыштуу?

## *«ӨЗ МЕЗГИЛИНИН АСТРОНОМУ, АСТРОЛОГУ ЖАНА АГРОНОМУ АЙМАНБАЙ УУЛУ МАНАКЕ» (1817-1910)*

*(жогорку класстын окуучулары үчүн)*

Теория чечпеген күмөн саноолорду
сага практика чечип берет
**Л.Фейербах**



**Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз.**

**Элдик астроном, астролог,агроном, патриот- Айманбай уулу Манакенин өмүрү жана ишмердүүлүгү**

Азыркы Аксуу районунун Чолпон айылынын Тенизбай уруусунда келечектеги астроном, астролог жана агроном Манаке жарык дүйнөгө келген. Жаш чагында Манаке 20 жыл жылкы бакан, балкаим ошол кезде ага адамдардын жашоосун алдын ала айтуу касиетине,жаныбарлардын жүрүш - турушун, агрономияны, асман телолоруна байкоо жүргүзүү жөндөмдүлүктөрүнө ээ болгон чыгаар. Асман телолоруна байкоону өзү жасаган.Таш күзгүнүн жардамы менен жүргүзүп боз үйдүн ууктарына байкоолрун жазып койчу экен.

Манаке түштөн кийинки учурду жакшы көргөндүгүн, анткени ал кезде күндөгү дайыма эле боло бербеген кара тактарга байкоо жүргүзсө боло тургандыгын айтчу.Ошону менен бул учурда оору менен адамдардын өлүмдөрү көбөйө тургандыгын байкаган.

Ошондой эле астроном Манаке Күн менен Айдын тутулууларынын себебин билген.Ал Күн, Ай жана Жер бир линияда болгондо, Ай Күндү жапканда Күндүн тутулушу боло тургандыгын белгилеген.

Манаке дайыма Айга жана Гаджибут (Марс) планетасына байкоо жүргүзчү.Кометаларды «Куйруктуу жылдыз» деп атап жана алардын пайда болуусун жана куйругунун жоголушун байкаган, бирок эмне себептен бул болуп жаткандыгын түшүндүрө алган эмес.

Манаке Марс планетасына байкоо жүргүзүп, эгерде Марс түнкүсүн даана көрүнсө, анда кыш өтө суук эмес болорун, ал эми Марс түнү бою көрүнсө, анда кыш суук жана каардуу болоорун аныктаган.

Элдик агроном катары эгин себүү мезгилин аныктаган жана эгинди түшкө чейин себүүнү сунуштаган, анткени түштөн кийинки шамал үрөндүн муздашына жана түшүмдүлүктүн начарлашына алып келет деген.Ал эми жердин себүүгө даяр экендигин колуна бир ууч топурак алып, анын даярдыгын аныктоочу, ошону менен бирге Манаке кийинки жылдын түшүмдүүлүгүн жана ар кыл жерге кандай үрөн керектигин да билчү.

Манаке Ысык-Көл касиеттүү деп, анын тазалыгын жана баштапкы абалын сактоого чакырган.

Манакенин инисинин боз бээси бар экен, күзүндө жаныбар жакшы эт алып калган. Манаке инисине жылкыны союп кой, анткени кыш катуу болот дейт. Бирок иниси карган киши эт сиреп калган го деп, Манакени жаман көрүп тилин албай коет.Кыш бүтүп жаз келгенде баягы иниси менен Манаке кайрадан кезигип калышат да, иниси жылкынын кышында эле өлүп калганын айтат. Бул окуя

Манакенин жаныбарлардын жүрүш турушун да жакшы билгендигин айгиелейт.

Эл ичинде Манакенин адамдардын жашоосун алдын ала айтуу касиети анын Казакстанга барып келгенден кийин ачык байкалгандыгы жөнүндө. Үйгө кайтадан жол тартканда, Манаке уктап кетет да түшүндө: «Эми мындан ары адамдардын турмушун, жаратылыштын кубулуштарын алдын ала айтасын»,- деген аян берген экен.

Манаке 1910 жылы дүйнөдөн көзү өтүп, азыркы Ак-Суу районунун Каракол айылында сөөгү коюлган. Өзүнүн акыркы бейитин да өзү алдын ала аныктап кеткен экен.

Кыргыз эли илгертеден эле аба ырайынын таасирлеринен көз каранды болгон экен. Жаратылыштын закон ченемдүүлүктөрүнүн көбүн түшүнгөн да эмес. Ошондуктан көптөгөн жаратылыш кубулуштарын Алла Тааланын буйругу менен болуп жатат дешкен. Ошондуктан Алла Тааланын ырайымы менен күн жаап, дарыялар соолуп,катуу шамаал келип турган. Эл «касиеттүү күчтөрдү» конкреттүү образдарга салып ырайымды сураган.

Дүйнө элдеринин бардыгы эле күндү, айды, шамалды, чагылганды касиеттүү деп санашкан. Ал эми кыргыз эли болсо ар бир нерсенин өз колдоочусу, пири болот деп эсептешкен:

- Жердин колдоочусу – Баба Дыйкан,
- Койдун колдоочусу – Чолпон Ата,
- Уйдун колдоочусу – Зенги Баба,
- Төөлөрдүн колдоочусу – Ойсул Ата,
- Жылкынын колдооочусу - -Камбар Ата , ж.б.

Элдик «Аба ырайын билүү» бул нукура элдик билимдин байлыгы, биздин маданий мурасыбыз, элдик акылмандуулуктун, фольклордун байлыгы – мурунку өткөн менен азыркынын байланышы.

## Манаке боюнча жаратылыш белгилери

**Жаз мезгили:**

- Эгерде жазында дарыяга суу кошулбаса – ысык жай болот.
- Жазында үйдүн чатырынан аккан суулар тонсо, анда узакка созулган жаз айы болот.
- Эгерде талдын айланасындагы эрип жаткан кар тик болсо- муздак жазга, жапыз болсо- узак жазга жоруган.
- Эгерде мартын ортосу жылуу болсо- ысык жай болот.
- Муздак жаз айы - жайда мөндүр көп жаайт.
- Март айынын жылуу шамалы – жылуу жай айынын жаанына.

- Эгерде кар бат эрисе, суу жакшы акса – жандуу жай айына жоруган.

**Жай мезгили:**

- Эгерде июль айы ысык болсо – декабрь айында ызгаар болот.
- Эгерде жайында суунун денгээли көтөрүлсө- аба ырайы кургак болот.
- Кургак жана ысык жай айы – кыш айы кату жана кар аз болот..
- Жаандуу жай - кыш узак болот.
- Эгерде жай айы жаан- чачындуу болсо – кыш кардуу жана суук болот.
- Эгерде жайында күн күркүрөп, жаан жааса – кышында бороондор болот.

**Күз мезгили:**

- Эгерде күз жаан чачындуу болсо - жаз жаанчыл болот.
- Эгерде сентябрь айы жылуу жана кургак болсо – кыш кеч келет.
- Эгерде сентярь айында күн күркүрөп, жаан жааса – кышында бороондор болот.
- Эгерде сентябрь айы суук болсо – мартта кар кетет.

**Кыш мезгили:**

- Эрте жааган кар – эрте жаздан белги берет.
- Эгерде кышында кар аз болсо – жай айында күтүүсүз жаандар болот.
- Кыштын башындагы көп карлар- жай айынын башындагы күчтүү жаандардан белги берет.
- Эгерде биринчи кар кургак жерге жааса – кар бат эле кетет.
- Жылуу кыш болсо – жай суук болот.
- Кургак жана суук кыш – кургак жана ысык жайга.
- Эгерде февраль айы суук болсо – жай жакшы болот.

**«БББ стратегиясынын негизги кадамдары»**

1«Силер … жөнүндө эмне билесинер?» суроосу үстүндй иштөө ( жеке, жуп менен, группада).

2.Таблицанын биринчи графасын толтуруу:

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 1. | 1. | 1. |
| 2. | 2. | 2. |
| 3. | 3. | 3. |
| | | |

3.Параледдүү таблицанын экинчи графасын толтуруу( группада иштөөдө).
4.Маалымат менен таанышуу жана таблицанын үчүнчү графасын толтуруу (суроолорго жооп берүү).Эгерде жаңы суроолор пайда болсо, алар экинчи графага жазылат.
5.Таблица үстүндө иштин жыйынтыгын жуптар менен, группаларда талкулоо.
6.Эссе формасында ( башка формалар болушу да мүмкүн) ой жүгүртүү. 1.

**Мугалимдин кириш сөзү.**

Байыркы кыргыздар өзүлөрүн жратылыштын бир бөлүгү катары эсептешип, анын күчүн жана касиетин баалап, аяр мамиле жасашчу. Жаратылыш көптөгөн суроолорго жооп, кенештерин берет.

Ч.Айтматовдун «Де]из жорткон ала дөбөт» повестинде Кириск деген бала жалгыз өз туулган жеринин жээгине аман келет, анткени бүт чондор баланын тирүү калуусу үчүн океанда болгон катуу, коркунучтуу алаѓматтын себебинен каза табышат.

**Окуучуларга суроолор:**

- Силердин оюнар боюнча Кирисктин түрүү калуусуна эмне жана ким жардам берди?
- Жаратылыштын ырым жырымдарын чогулткан,элден чыккан дагы кандай адамдар жөнүндө билесинер?

**Мугалимге эскертүүˆ**

Эгерде окуучулар биринчи суроого жооп бере алышпаса, анда алар өзүлөрүнүн божомолдорун беришсе болот, эгерде балдар Ч.Айтматовдун повести менен тааныш эмес болушса, анда мугалим повесть менен окуучуларды кеңири тааныштырышы керек.

**Маалымат менен «БББ» стратегиясынын жардамы менен иштейбиз жана төмөнкү максатты көздөйбүз.**

**Максаты:** Манакенин жаратылыш берген касиетине, жаратылышка болгон сүйүүсүн, жаратылыш закондорун түшүнүүсүн, кыраакылыгына жана касиетине өз алдынча баа берүү.

1. БуйскихТ.И,Задорожная Н.П.Критическое мышление в преподавании общественных дисциплин.Б.,2003. – 43 б.

## Класстык сааттын жүрүшү.

**1 кадам.** «Силер астрономия, агрономия, жаратылыштын сырлары жөнүндө эмне билесинер же билем деп ойлойсунар?» - деген суроону окучууларга берүү.

**2 кадам.** Окуучулар 3-5 мүнөттүн ичинде жеке астрономия, агрономия, жаратылыштын сырлары жөнүндө өз билгендерин жазышат.

Бул жерде мугалим окуучулар жеке иштеп суроо боюнча өз ойлорун жазууга жана кыйналган окуучуларга жардам берүүгө көнүл бурушу керек.

**3 кадам.** Окуучулар таблицанын биринчи графасын толтурушат.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| Астрономия - асмандагы жылдыздар маселеси менен алектенген илим. | Бул илим эмнеси менен баалуу? Кыргыз элинде качан пайда болгон жана калыптанган? | Кыргыз элинин астроному, агроному, адам тагдырын алдын ала айткан Айманбай уулу Манаке азыркы Ак-Суу районунда жашаган экен. |

Бул жерде окуучулар таблицанын биринчи, экинчи бөлүктөрүн берилген убакытта толтурушуна көнүл буруу керек.

**4 кадам.** Текст менен таанышуу жана таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтуруу (суроолорго жооп берүү). Эгерде текст менен иштөө учурунда жаңы суроолор пайда болсо, алар таблицанын экинчи графасына киргизилет.

Бул жерде окуучулардын көнүлдөрүн текст менен таанышканга чейин жана кийин билген жаңы нерселерди салыштыруу жана мунун баарын кыскача жазуу.

Мугалим болсо окучуулардын эмне билгендерин эмне жаңы жана баалуу экендигине көңүл бурушу керек.

**5 кадам.** Таблица үстүндө иштин жыйынтыгын жупта, группада талкуулоо.

Бул жерде мугалимге балдар менен бирдикте биринчи жана үчүнчү графа боюнча маалыматтарды салыштырып кароосу керек.

---

**Класстык саат боюнча мугалимге маалымат.**

1. Иш учурунда окуучулардын көнүлүн дайыма маалыматка буруу.
2. Класстык сааттын темасын өздөштүрүүдө окуучулардын ишмердүүлүгүнө дайыма көңүл буруу.
3. Окуучулар тарабынан таблицанын графаларын толтуруусуна көңүл буруу керек.

**6 кадам.** «Билгим келет» жана «Билдим» графаларын толтурууда окучуулардын текст боюнча эмне маалымат ала алышпай калгандыгын билүү керек.
**7кадам.** Окуучуларга төмөнкү суроолорго жооп берүү сунушталат:

- Сен өзүндүн досуна Манаке, анын жаратылышка болгон башкача сүйүүсү, байкагычтыгы жөнүндө эмне айтып берет элең?
- Үй-бүлөңдө Манаке жөнүндө кандай маалымат менен бөлүшкүң келет?
- Азыркыга чейин Манакенин жаратылыштык белгилери эмне үчүн сакталып калды?

Адабияттар:

1. Казакбаев М.Ы. Астроном жана касиеттүү Манаке. Каракол,1996.

## 3 БӨЛҮМ
## *«АЛАРДЫН ТАГДЫРЫ- БИЗДИН СЫЙМЫК ЖАНА БААЛУУЛУК»*

***«Гений дайыма элдик»***
***А.Блок***



Ата Мекенине болгон сүйүү,сыймык баланын өнүгүсүүндө чон мааниге ээ. Эгерде Ата Мекенге, тарыхка, маданиятка болгон сүйүү, сыйлоо сезими жок болсо, Ата Мекениндин жакшы сапаттарга ээ атуулун инсанды тарбиялоого мүмкүн эмес.

Балдар өзүлөрүн элдин бир бөлүгү катары, Кыргызстандын атуулу катары сезиши керек. Бул багытта балдарды кичине өзү жашаган Ата Мекен –шаар ( айылдан) баштоо керек да барабара шаар(айыл) бул чон өлкөнүн бөлүгү экендигин, ал эм балдар- Кыргызстандын тургундары, өлкөнүн атуулдары деген түшүнүккө алып келүү керек. Өз шаарынын (районунун) тарыхын билүү менен балдардын өз Ата Мекенине болгон сүйүүсүн ан сезимдүү кылып аларды патриотттук духта тарбиялоого жардам берет.Мунун баары өлкөнүн тарыхын, шаардын(айылдын)

Балдарда көп учурда ар кыл тарыхый окуялардын «кандай болгондугун» жана баалуулугун элестетүү өтө оорго турат.Ошондуктан туулаган жердин, айылдын белгилүү тургундары өз Ата Мекенин эмгекте,согушта, илимде же маданиятта көрсөткөн

эрдиктери жөнүндө көбүрөөк баяндап берүү керек. Алардын турмуштук мисалдарынын негизинде күчүн, сыймыгын, өз эли жерине болгон туруктууулугун көрсөтүү керек.Ал эми окучуулар болсо тарыхый инсандардын патриотизмин, «башкача» жашоосуна баа бере алышы керек..

Шабдан баатырдын көрөгөчтүгүн жана акылмандуулугун, К.Тыныстановдун терен билимдүүлүгүн, агартуучулугун,Жусуп Баласагындын адабий ишмердүүлүгүн,Саякбай Каралаевдин поэтикалык гениалдуулугун,Манаке атанын жаратылыш берген касиетин, Жусуп Абдрахмановдун саясий ишмердүүлүгүн жана сатылбас чынчылдыгын билүүлйрү керек.

Окуучулардын эмоцияларына Кыргызстандан өнүгүүсү жана тарыхы үчүн өзүлөрүнүн кажыбас кайраты, талыкпас эмгеги менен көптөгөн, баа жеткис эмгек сиңирген инсандарынын тирүү образдары аркылуу таасир этүү керек. Элдик эс- түбөлүктүү, ал ар бир инсандын Ата Мекени үчүн жасаган эмгегин дайыма баалайт.

Жогоркуда айтылгандардын бардыгы ар бир окуучуга өз учурунда эли жери үчүн келечектеги белгилүү аламдардан болууга идеал катары болушу керек.

## *«ЖУСУП БАЛАСАГЫН - IX КЛЫМДЫН АКЫНЫ, АКЫЛМАНЫ, ГУММАНИСТИ, ПАРИОТУ»*

( жогорку жана орто мектеп окучуулары үчүн)

Тамсил сыяктуу жашоо
узундугу эмес,
мазмуну үчүн бааланат.
**Сенека**



**Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз.**

## IX КЫЛЫМДЫН АКЫНЫ, АКЫЛМАНЫ, ГУМАНИСТИ, ПАРИОТУ ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ӨМҮРҮ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

Жусуп Баласагын 1015- жылы Чүй суусунун жээгинде азыркы Токмок шаарынын жанында жарык дүйнөгө келген. Жусуп жашаган мезгилде Баласагын шаарын турактаган Эл түрк жана сагын тилдеринде сүйлөп, илим өнүгүн жаткан кез эле.

Жусуп Баласагындын жеке бирок гениалдуу чыгармасы байыркы дастандарды, учкул сөздөрдү, макал- лакаптарды өзүнө камтыган.

Жусуп Баласагын Чыгыш Ренессансынын- ири өкүлү, анткени ошол эле мезгилде ири философтор аль-Кинди, аль-Фараби,Бируни, Ибн-СИна, Ибн-Рушду; акындар: Рудаки,Фирдоуси, Навои, Омар Хайам, Насими жашаган мезгил эле.

Чыгарма башчы менен анын вазиринин ортосундагы калыс адам жана байлыкка көнүл кош, кумарлуу оюндарга кызыкпаган адам ортосундагы диалог түрүндө жазылган.

- Калыс эл башчы - Күнтуду,
- Вазир - Айтолду,
- Калыс, ойчул адам – Акдилмиш,
- Байлыкка көнүл кош, кумарлуу оюндарга кызыкпаган адам – Откурмуш.

Өзүнүн чыгармасында Жусуп жакшы менен жамандын канондорун түзүп, билим менен караңгылыктын күчүн, билимдүү жана жакшы адамдардын ортосундагы ангемелешүүнүн эрежелерин берет. Философ катары, адамды курчап турган жашоо турмуш менен , нерселерге байкоо жүргүзүп, жаратылыштын сырлары,коом,жашоо, жашоонун маңызы жөнүндө ойлонгон. Бизди курчап турган - Аалам , анын ою боюнча сфералардан турат, алар өз учурунда составы менен айырмаланат. Зодиак белгилери төрт түзүүчүдөн турат. Биринчи түзүүчү бул - ОТ, экинчиси – СУУ, үчүнчүсү- АБА, ал эми төртүнчүчү- ЖЕР.

Коомдук турмушта адамдын төрт сапаты мааниге ээ – ал *Калыстык, Аң сезимдүүлүк,Бакыт жана Ченемдүүлүк.* Ал эми адамдын денеси дагы өзүнчө бир «гармония».

Жусуп Баласагындын «Кут билим» чыгармасы терен дидактикалык мааниге ээ. Адамдын ички жана тышкы сулуулугун, нравалуулуктун суроолорун кароо менен алар коомдун өнүгүшү менен дал келиши керек деп санайт. Жүрүш

туруш, ички жана тышкы гармония бири-бири менен дал келип бири бирин байытып эстетикалык жана этикалык болушу керек.Билим болсо адамдын аң-сезимдин кенейтүү менен ага өз турмуш жолун табууга жана жаратылыштын жана коомдук көрүнүштөрд туура баалоого өбөлгө түзүшү керек. Ошондуктан китептин аты да жашоо үчүн илим билимге ээ болуу,бакыт үчүн Ата Мекенге кызмат кылуу деп аталат.

Жусуп Баласагындын «Кут билим» чыгармасы өзүнүн актуалдуулугун бүгүнкү күндө да жоготкон жок, анткени азыркы кезде бизге эң эле керектүү нравалык байлыктардын үлгүлөрүн китептен тапса болот.

**Маалымат үстүндө иш «Эки бөлүктүү күндөлүк» стратегиясы менен жүргүзүлөт.**

**«Эки бөлүктүү күндөлүк» стратегиясынын негизги кадамдары**

1. Текстин темасы менен мазмунун элестетүү.Бул стадияда башка да чакыруу каражаттарын колдонсо болот.
2. Тексти окуу жана эки бөлүктүү күндөлүк формасында толтуруу.

| Цитата | Түшүндүрмөлөр |
|---|---|
| 1. | 1. |
| 2. | 2. |
| 3. | 3. |

Окучуулардын көңүлүн буруу: Текстин башынан, ортосунан, аягынан каалаган 3-4 цитата жазылат. Жазылган цитаталар − бул эсте калган, көнүл бурган, ассоциация чакырган, ойлор, түшүндүрүүнү каалаган нерселер.

- Эмне себептен бул фраза көнүлдү бурду;
- Кандай ассоциацияларды бул фраза чакыра алды;
- Бул цитата менен кандай ойлор пайда болду;
- Кандай сезимдер пайда болду;
- Кандай суроолор пайда болду; эмне менен макул эмессин.

3. Текст үстүндөгү иштин жыйынтыгын жуп менен, группада талкулоо. Окучуулар тарабынан цитатаны жана түшүндүрмөлөрдү (комментарийлерди) (бирден) окуу.
4. Окуган боюнча өз версиясын эссе түрүндө берүү».1

**Мугалимдин кириш сөзү**

Жусуп Баласагындын «Кут билим » чыгармасы түрк тилинде жазылган энциклопедиялык чыгарма болуп эсептелинет.

«Кут билим» чыгармасынын үч варианты бар, алар бири биринен бир аз айырмаланып тураТ: гераттык, каирдик жана намангандык.

Гераттык кол жазмасы Вена шаарында Г.Вамбери тарабынан басылып чыгарылган андан соң В.В. Радлов тарабынан немец тилине которулган.

«Кут билим» чыгармасы 1069- жылы жазылган жана Табгач-Богра Кара − Хакан Абу Али Хасанга арналган. Бул үчүн Жусупка «Хас Хажиб» - башкаруучунун кенешчиси деген наам ыйгарылган.

Чыгармада Платон, Аристотель, Евклид, Аль-Фараби, Ибн-Сина, Бируни сыяктуу философтордун таасирлери сезилүүдө.

**Кийинки маалымат үстүндө «Эки бөлүктүү күндөлүк» стратегиясынын жардамы менен иштейбиз жана төмөндөгү максатты көздөйбүз.**

**Максаты:** окуучулардын тарыхый жана күнүмдүк окуяларды Жусуп Баласагындын өмүрү жана чыгармачылыгынын анын философиялк, гуманистик, патриоттук көз караштарына жана анын «Кут билим» чыгармасынын негизинде өз алдынча баалоого жана тарыхый окуяларды изилдөөгө, окуп үйрөнүүгө кызыгууну жаратуу.

**Тарбиялык сааттын темасы боюнча мугалим үчүн маалымат**

1. Тексти активдүү окууга көнүл буруу керек.
2. Текст үстүндө иштөөдө регламентти сактоо, текст боюнча суроо берүү. Бул жерде текст үстүндө кылдат иштөөгө көнүл буруу.
3. Текст боюнча окуучулардын идеяларын айтуу; текст менен иштөөдө окуучулардын өздүк тажрыйбасына таянуу. Мугалим окуучуларга келип жардам берүүсү керек.
4. Окуучуларга ар кыл ойлорду айтуусуна өбөлгө түзүү.
5. Текст үстүндө иштөө учурунда пайда болгон проблемаларды, кандай гана көз караш болбосун чечүү.

**Тарбиялык сааттын жүрүшү**

**Чакыруу:**

**1 кадам.** Мугалим IX кылымда жашаган акын, философ, гумманист, патриот азыр да актуалдуулугун жоготпогон энциклопедиялык

чыгарма жараткан адамдын образын түзүүгө, элстетүүгө тапшырма берет.

Бул кадамда окуучуулар IX кылымда жашаган гениалдуу адамдын образын жеке түзүүсүнө көнүл буруу керек.

**2 кадам.** Жазылган ангемени жуптарда талкуулоо. Окуучулар бири бири менен жазылгандар жөнүндөгү маалыматтар менен ой болүшүп, өз билимдерин байытышы керек.

**Кабылдоо:**

**3 кадам.** Текст үстүндө жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгын жуп менен, группада талкулоо.

Каалагандардын бардыгы бирден цитата жана түшүндүрмөлөрдү окууганга көнүл буруу керек.

| Цитата | Түшүндүрмөлөр |
|---|---|
| 1. Жусуп Баласагын IX кылымда жашаган | 1.Бурана шаары гүлдөп өсүп турган кылым. |
| 2.Өз чыгармасын ал 18 ай ичинде жараткан | 2 Ошол кез үчүн өтө көп убакыт? |

**Ой жүгүртүү:**

**4 кадам**. Окуучуларга төмөнкү суроолорго жооп берүү сунушталат.

Суроолор үстүндө иштөөдө окуучулардын Жусуп Баласагындын билимдүүлүгүнө жана гениалдуулугуна болгон сый, урмат, сыктануу сезимдерин ойготуу жана окуучулар анын патриоттулугун баалай алышын камсыздоо.

*Окуучуларга суроолор:*

- Силердин оюңар боюнча Жусуп Баласагын эмне үчүн өз чыгармасын жараткан?
- Эмне себептен Жусуп Баласагындын чыгармасы өзүнүн актуалдуулугун бүгүн да жоготкон жок?
- Эмне себептен жусуп Баласагындын наамын Кыргыз Республикасынын окуу жайына ыйгарылды?

Адабияттар:


1. Жусуп Баласагын «Кут билим» Б.2001.

## *«ШАБДАН БААТЫР – ӨЗ МЕЗГИЛИНИН АКЫЛМАНЫ»*

( жогорку жана орто мектеп окучуулары үчүн)

Өзүндү башкара алсан,
анда башкаларды да
башкара аласың

**Б.Грасиан**



**Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз**

**«Шабдан батыр» жөнүндөгү уламыш**

## I бөлүм.

Кыргыздар Шабдан баатырды кудай сүйгөн адам деп эсептешчү.Шабдан баатыр жөнүндө кызыктуу уламыш бар.Бир жолу Шабдан баатыр өзүнүн мыкты атын минип, жоокерлеринин коштосуу менен кетип бара жаткан.Аларды узак жол күтүп турган.Кетип бара жатканда алардын астынан бир тентип жүргөн абышка чыгат.Ал абышка бир сураныч менен жолоочуларга кайрылып калды.

*Окууну токтотуп 1 бөлүктүн колонкасы А,Б бөлүктөрү толтурулат.*

## II бөлүм.

Шабдан баатырдын жигиттери абышканын мындай жоругуна ыза болушуп, абышканы жазалоого умтулушту. Бирок Шабдан жигиттерин токтотуп, абышканы өзү колу менен атка олтургузуп койду. Анда абышка «Сенин марттыгын жөнүндө өз элиң гана укпастан ,коңшу элдер да уксун, Сенин атак- даңкың эбегейсиз чөлгө да тарасын», - деп көздөн кайым болуп кетет.

Жигиттери сунуштаган атка минбестен, таң калган Шабдан андан аркы жолуп жөө узата берди.

*Окууну токтотуп 1 бөлүктүн В жана андан ары II колонканын А, Б бөлүктөрү толтурулат.*

## III бөлүм.

Бирок кийинки жолдун бурулушунан ал өзүнүн жакшы көргөн аты жол жээгиндеги талга байланып тургандыгын көрдү. Айылдаш карыялар Шабданга бул жакшы жөрөлгө, белги экендигин айтып беришти, анткени жолдо кезиккен абышка бул Кыдыр аке экен, ал баатырды бир сыноодон өткөрүү үчүн тентиген абышкага айланып көрүнгөн экен.

*Окууну токтотуп **II** бөлүктүн В жана андан ары II**I** колонканын А, Б бөлүктөрү толтурулат.*

## IV бөлүм

Чынында эле бир аз мезгил өткөн сон калыс жана март Шабдан баатыр жөнүндө сөз бүт элдерге тарады. Элде Шабдан баатырды дайыма Кызыл жолборсу жанында сактап, коргоп жүргөт жана ал жөн көзгө көрүнбөйт. Шабданды коргогон периштеси, ага күч кубат, эр жүрөктүк жана баатырдык берет Алар кудай сүйгөн, алдын- ала айтуу кудурети бар жана адамдардын көзүнө көрүнө тургандыгы жөнүндө айтылганы бар.

*Окууну аяктоо- II бөлүктүн (В), андан сон III бөлүктүн (А;Б;В) бөлүктөрү толтурулат.*

Маалымат үстүндөгү иш «Алдын ала айтуу» стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт.

**«Алдын ала айтуу» стратегиясынын кадамдары»**

1. **Чакыруу:** Суроолор үстүндө ( жеке, жуп менен, группада )иштөө.
2. Текстин I окуу жана таблицанын I бөлүгүн толтуруу ( А жана Б колонкалары).
3. Окуганга анализ жана текст боюнча боло турганды алдын- ала айтуу ( жеке, жуп менен).
4. Текстин II бөлүгүн окуу жана таблицанын I бөлүгүн В тамгалуу бөлүгүн толтуруу жана А Б тамга менен белгиленген II бөлүгүн.
5. Өздүк алдын ала айтуу нагызы менен салыштырылат.
6. Текстин III бөлүгү окулат жана II колонкадагы В тамгасы менен белгиленген, III бөлүктүн А, Б толтурулат.
7. Баштапкы версия оригинал менен салыштырылат.
8. IV бөлүмдү окуу жана таблицанын III бөлүмүнүн В андан сон IV бөлүмдүн А;Б;В колонкалары толтурулат.
9. Баштапкы алдын ала айтуу менен чынында эле эмне болгондугу салыштырылат.
10. Жалпы мүнөздөгү суроолор үстүндө иштөө.

| Тестин бөлүктөрү | Силердин оюнар боюнча андан ары эмне болот? | Силерде кандай далилдер бар? | Чынында эле эмне болду? |
|---|---|---|---|
| 1 бөлүм | | | |
| 2 бөлүм | | | |
| 3 бөлүм | | | |
| 4 бөлүм | | | |

( Таблица алдын ала тексти окурдан мурун эле сызылып даярдалып жана тексти окуу учурунда инструкция менен ылдыйда көрсөтүлгөн толтурулат 1).

**Мугалимдин кириш сөзү**

Кыргыз элинин тарыхында атактуу кишилер болгон, алар өз эли, Ата Мекени үчүн көптөгөн нерселерди жасашкан.

---

1.Буйских Т.И,Задорожная Н.П. Критическое мышление в преподавании общественных дисциплин.- Б.,2003.- 43б б.

Алардын ичинен кудай сүйгөн жөнөкөй жана «жөнөкөй эмес» адам – Шабдан баатырды белгилеп кеткек болот. Эл ичинеде анын сыймыктуу иштери, баатырдыгы жөнүндө көптөгөн уламыштар айтылып жүрөт.Эл анын өз учурунда көргөзгөн баатырдык иштери менен эсептешет.

Төмөнкү маалымат менен «Багыттоо окуу » стратегиясынын жардамы менен иштейбиз жана төмөнкү максатты көздөйбүз.

**Максаты:** Балдарга Шабдан баатырдын марттыгы жана башка он сапаттарына өз алдынча баа берүү мүмкүнчүлүгүн өнүүктүрүү.

**Тарбиялык саатын темасы боюнча мугалимге маалымат.**

1. Текстин бөлүктөрү менен иштөө учурунда окуучулардын көңүлүн буруу жана балдардын прогноздоого кызыгуусун арттыруу.
2. Бул стратегия менен иштөө учурунда мугалим окуучулардын ойлорун жана сезимдерин концентрациялоого калыптандыруу керек.
3. «Алдын ала айтуу» таблицасын кыска толтуруу керек.

**Тарбиялык сааттын жүрүшү.**

**Чакыруу:**

**1 кадам.**

*Мугалимдин окуучуларга берген суроосу:*

- Силердин оюнар боюнча өз мезгилинин акылманы деп кандай адамды санаса болот?

*Окуучулардын жооптору мындай варианттарды өздөрүнө камтышы мүмкүн*:

- бул адам, башкаларга караганда башкача ойлойт,
- бул адам акылдуу жана жакшы иштерди көп жасайт,
- бул бардыгы сыйлаган, атактуу, данктуу адам ж.б.у.с.

Мугалим: Мына ушундай адам жөнүндө бүгүн сөз болот.

**Кабылдоо:**

**2 кадам.** Текстин I бөлүгүн окуу жана  таблицанын I бөлүгүн толтуруу ( А жана Б колонкалары).

Бул жерде окуучулардын жообун прогноздоо  жигиттердин иш аракеттерине жана Шабдан баатырдын кылганына, ат менен эмне болгондугуна көңүл буруу керек.

**3 кадам**.Окугандарга анализ жүргүзүүдө жана андан соң эмне болоорун алдын ала айтууда окуучулардын жооптору далилдүү болушуна көнүл буруу керек. Дайыма мугалимдин «Эмне үчүн силер мындай деп ойлойсунар?»,- деген суроосу болуп турушу керек..Өзүнөрдүн алдын ала айтуунарды далилдегиле!

**4 кадам.** Текстин I бөлүгүн окугандан кийин ангемелешүүдө тентиген абышканын образына көнүл буруу керек (окуучулардын «Ал эмне абышка эле ?» деген суроого  болжолдуу жоопторун угуу керек), ошону менен бирге «Эмне себептен Шабдан баатыр жолун уланта берди»,- деген суроону талкуулоо керек.

**5 кадам.** Оригинал менен окуучулардын прогноздорун салыштырууда балдарды өз ойлорун биринин артынан бирин калыптоого үйрөтүү.

**6 кадам**. Текстин II бөлүгүн окуп жатканда балдардан Кадыр аке жөнүндө алар эмне билерин суроо керек жана Кырыр аке жөнүндө кичине маалымат берүү керек (Кыдыр аке- бул  кыргыз элинин колдоочу периштенин образы, ал жолоочуну  жолдо колдойт,  жолдун жакшы болушуна жардам берет).

**7 кадам**. Баштапкы версия менен оригинал салыштырылат..

**8 кадам**  Текстин IV  бөлүгүн окуган учурда Кызыл жолборстун образына кененирээк токтолуу керек жана Шабдан баатырдын берешендиги , марттыгы жөнүндө сүйлөшүү зарыл.

**9 кадам**.Текстин прогнозун салыштырууда талкууга катышпай олтурган  балдарга көнүл буруу керек жана аларга өз прогноздорун айтууга мүмкүнчүлүк берүү.

**10 кадам**. Жалпы мүнөздөгү суроолор үстүндө иштөө.

*Сунушталан суроолор:*

- Эмне үчүн Шабдан жөнүндөгү маалыматтар элдин эсинде көпкө сакталып калды?
- Шабдан баатырдын күчү эмнеде?
- Кызыл жолборс жөнүндө ишеним эмне үчүн сакталып калган?
- Кыргызстандагы кайсыл жерлер Шабдан баатырдын аты менен байланыштуу?
- Өзүндүн досуна класстык саатта билгендериң жөнүндө сезимдеринди, ойлорунду  билдирип кандай кат жазат элең?

Суроолор үстүндө иштөөдө Шабдан баатырга болгон сыйлоо, суктануу сезимин ойготууга коңүл буруу керек.

## *«ЭЛ ТАГДЫРЫН ОЙЛОП...»*

( жогорку жана орто мектеп окучуулары үчүн)

Адам түбөлүктүү болбосо да,
Түбөлүктүү бул – адамзаттык
**А.Фет.**



**Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз.**

**Шабдан баатыр**
**(1839 – 1912 )**

Шабдан баатырдын энеси Балы-эненин айтуусу боюнча кең пейилдүүлүк баласына кичинесинен эле мүнөздүү болгон экен. Шабданга бар болгону үч жашка толгондо эле ал өзүнүн кичинекей досторун үйгө ээрчитип келип, аларга кам көргөндү жакшы көрчү экен. Ал эми алтыга толгондо атасы Жантайханан койлордун арасынан бир семиз койду алууга уруксат сурайт, Буга тан калган атасы баласынан эмне болгондугун сурайт. Анда Шабдан бир досунун энеси катуу ооруп төшөктө жаткандыгын жана эгерде ал байкуш жаңы бышкан койдун сорпосун ичсе айыгып кетерин айтат. Жантайхан баласынын өтүнүчүн атакрып берет.

Шабдан баатырдын кең пейилдүүлүгү жөнүндө көптөгөн улвмыштар айтылган. Бир уламышта акылман Калыгулга солто урусунан Байтик келип, Шабданды жөнгө салып, акыл айтуусун өтүнөт, анткени Шабдан өзүнүн бай экендигин, тегин унутуп көрүнгөн колунда жок казак болобу,өзбек болобу же орус болобу дос болуп жаткандыгына даттанат. Байтик ак сөөктүн мындай өзүн алып жүрүүсү башка бай- манаптарга сөз тийгизерин айтат. Калыгул баарын шашпай угуп андан соң мындай деп жооп берет «Демек менин кенже иним Шабдан, Нарын, Сырдарыя жана Эдилдарыяга көпүрө болгон турбайбы, ал көпүрө менен казак да, орус да, өзбөк да бири-бирине келе алышат, Шабдан ар кыл элдерди байланыштырган алтын көпүрө болду»,- деп жооп берген экен.

Жашынан эле Шабдандын тагдыры оор сыноолорду башынан өткөргөн.11 жашында эле кокон ханынын туткуну болуп Кокон хандыгынын аскери катары 21 жашында согуштарга катышып, өзүнүн тайманбастыгы жана эр жүрөктүүлүгү үчүн хан тарабынан белгиленип, Азрети-Султан шаарынын беги болуп шайланган. Ушул согушта Шабдан Россия хандыгынын күчүнө ишенет. Кийинчерээк Шабдан өз элин Кокон хандыгынын запкысынан куткаруу үчүн Россияга кошулууну чечет.

Чыныгы патриот жана жакшы саясатчы, ал өзүнүн элин бактылуу кылгысы келген. Биринчилерден болуп бир жерде туруктуу жашап жана жер чарбасын өнүктүрүүгө чакырган.

Калмурза акын Шабдан баатыр жөнүндө мындай деп айткан экен «Начарларга күч берген, жакырларга мал берген, үйү жокко үй болгон, угулбай калгандарга үнүн бекемдеген, ишеними жокторго ишеним кайтарган».

Кыргыз элинин өздүк улуттук өзгөчөлүгүн бекемдөө үчүн мамлекеттик деңгээлде элдин суроолорун чечүүгө аракеттенген. Мисалы: 1905- жылдын июнь айында Верный шаарына Николай II хандын наамына мусулман жыйынын түзүү, медресе менен

мектептерди ачуу ал жерде балдарды өз эне тилинде окутуу жөнүндөгү, мыйзам чыгаруу органдарына калктын өкүлдөрүн киргизүү боюнча сунуш киргизип өз атын, ачыктыгын, калыстыгын кылымдарга калтырып кетти.Шабдан эр жүрөк жол башчы, өз эли жерин коргогон жана өз элинин тарыхында эч качан өчпөгөн из калтырып кеткен.

## Маалымат үстүндө иш «ИНСЕРТ»стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт

**«Стратегиянын негизги кадамдары»**

1. Тема боюнча билимдерди актуалдаштыруу ( мээ чабуулу) : жеке, жуп менен, группада.Жалпы идеялардын тизмесин түзүү.
2. Маалыматты маркировкалап окуу: «V», «+» - жаны, «-»- маалымат бар тажрыйбага карама каршы керет, «?»- суроо пайда болду, түшүнүксүз.
3. Өз алдынча окуганды жуп менен, андан сон группада талкулоо.
4. Баштапкы идеяларды кароо жана аларды сынчыл анализдөө.
5. Жалпылоочу таблицаны түзүү:»1

| V | + | - | ? |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

## Мугалимдин кириш сөзү

Кыргыз жеринде көптөгөн генийлер төрөлгөн. Алардын ичинен өзгөчө орунга Шабдан баатыр ээ, ал эр жүрөк жол башчы, эли жерин коргоп кыргыз элинин тарыхына өзүнүн өчпөс изин калтырган.

Чыныгы патриот жана жакшы саясатчы, ал өз элин бактылуу кылгысы келген.

«Инсерт» стратегиясынын жардамы менен иштеп төмөнкү максатты көздөйбүз:

**Максаты**: окуучуларга өз алдынча иштөөгө мүмкүнчүлүк берүү менен бирге, Шабдан баатырдын кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыптандыруудагы тарыхый ордун окуп үйрөнүүгө кызыгууну жаратуу.

1Буйских Т.И.,Задорожная Н.П. Критическое мышление в преподавании обшщественных дисциплин.-Б.,2003.43б.

**Тарбиялык саат боюнча мугалимге маалымат.**

1. Маалымат менен өтө кылдат иштөө керек( ар бир деталын).
2. Мугалим дайыма окуучуларды текстин күмөн саноо, түшүнбөгөн жерлерин табуууга түрткү берүүсү зарыл..
3. Мугалим дайыма окуучулардын текст боюнча иштөө учурунда туура жана туура эмес маалыматтар боюнча ишин көзмөмөлгө алышы керек.
4. Текст боюнча пайда болгон суроолого өз алдынча жооп табуууга сунуштарды берүү.

**Тарбиялык сааттын жүрүшү**

**Чакыруу:**

**1 кадам.** Окуучуларга Шабдан баатыр жөнүндө билгендерин жазуу үчүн 3-5 минут убакыт берилет.

Бул жерде окуучулар Шабдан баатыр жөнүндө эч нерсе билишпесе, анда кандай адам өз эли үчүн көп жакшы нерселерди жасаган кандай адамды элестете алышкандыгын жазса болот.

Жумушту алгачкы ирет жеке, андан сон жуптар менен аткарып ар бир жуптан, алардын ою боюнча, бирден кызыктуу ойду тандоо керек.

**2 кадам.** Доскага бардык фактылар бааланбай, бир да маалымат четке кагылбай жазылышы керек.

Көнүлдү окуучулар текст менен иштөөдө пайда болгон суроолор үстүндө иштөөгө буруу керек.

**Ой жүгүртүү:**

**3 кадам.** Тексти белгилеп окуу. Бул жерде окуучулар текстти белгилеп окуп жатканда жалпы маалымат боюнча өз ойлорун бериши керек.Мугалим болсо ар бир балага келип, белгилери аз окуучуларга жардам бериши керек.

**4 кадам.** Маалымат үстүндө ангеме түрүндө иштөө.

Бул жерде окуучулар өзүлөрү үчүн кандай жаңы нерселерди ачышты, эмне күтүүсүз, кызыктуу болгондугуна көнүл буруу керек.

**5 кадам.** Ангемелешүүдөн кийин таблица түзүлөт.

| V | + | - | ? |
|---|---|---|---|
| Шабдан батыр-жол башчы Кокон хандыгынын мезгилинде жашаган. | Шабдан коокн хандыгынын туткуну болгон. Ал биринчиден болуп кыргыздарды туруктуу бир жерге жашоого чакыргын жана жер иштетүүнү өнүктүрүүгө үндөгөн. Ал Николай II 1905 жылдын июнь айында петиция жөнөткөн. | Шабдан батыр өтө каардуу,деспот адам болгон. Анын балалык чагы бактылуу жана кайгысыз болгон. | Эмне үчүн Шабдан батыр орус аскерлерине каршы 1860-жылы салгалашкан? Анын үй бүлөсү кандай болгон? Анын аялы Ким болгон, тукуму калды беле? Эмне себептен ал Россия анын эллин кокон хандыгынын запкысынансактап калат деген? |

Мугалим окуучулардын баштапкы жазган жазууларына кайрылып, эмне дал келгендигин, кандай суроолор жоопсуз калгандыгын карашы керек.

Окуучулар үчүн кайсыл маалыматтар жаңы болуп эсептелинет, кайсынысы күмөн саноого алып келди.Мындан ары кандай идеялар кызыгууларды туудургандыгын талкуулоо керек.

Таблицадагы жазуулардын көп болушуна кызыгуунун кереги жок, жазуулар так, кыска болушу зарыл.

**6 кадам**. Жуптар менен  текст боюнча ойлор менен бөлүшү.

Бул жерде көпчүлүк макул болбогон суроолорго көнүл буруу керек.

Макул болбостуктарды карап, талкуулоо менен пайда болгон суоолорду чечүү үчүн кошумча маалымат берүү зарыл.

**Ой жүгүртүү:** «Шабдан баатыр жана мен» же «Шабдан баатырды – өз мезгилинин татыктуу уулу деп санаса болобу?» аттуу темадагы аргументтештирилген эссе жазуу.

Адабияттар:

1. Жусупов К. Шабдан батыр.-Б.,1992.

2. Хасанов А.К. Народные движения в Киргизии в период Кокондского ханства.-М.,1977.
3. Иманалиев К. Кыргызстан.Учкун,2002.

## *«ЭЛИНИН ТАТЫКТУУ УУЛУ»*

( жогорку класстын мектеп окуучулары үчүн)

**«ЖУСУП АБДРАХМАНОВ»**
**( 1901 – 1938 )**



**Биз төмөнкү маалыматтын үстүндө иштейбиз.**

Сталиндик өзүн өзү билүү учурунда гумандуулук үчүн күрөш жүргүзгөн, эл арасында өз изин калтырган көрүнүктүү коомдук ишмер –Жусуп Абдрахманович Абрахманов да бар болчу. Өз мезгилинин татыктуу адамы болуу менен 20-30 жылдардын аралыгында ал өзүнүн токтоолугу, тарыхый окуяларга туура көз караш менен карап, алдын ала айтуу денгээлине жетишкен.Азыркы

биздин учурда да,ошол мезгилге болгон «скидка» менен карасак да ал ойлордун тактыгына жана тереңдигине таң калса болот.

Жусуп Абдрахманов 28 декабарь 1901 жылы Чиркей ( азыркы Жаркынбаева айлы) Күңгөй-Аксуу волустунда (азыркы Ысыккөл облустунда) менен бай- манаптын жана волустук башкаруучунун үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

3 классты орус-түзөм мектебин Сазановка( азыркы Ананьево айылы, Ысык-Көл районундагы)айлында окуп бүткөн.

1914- жылдан баштап Ж.Абдрахманов окуусун Каракол шаардык жогорку башталгыч училиүадан улантат, бирок 1916-жылкы элдик көтөрүлүштүн себебинен аны аяктай албай калат. Анын жогорку маданиятынын жана коомдук-саясий денгээли- бул өз алдынча талыкпай иштөөнүн натыйжасы, ал эми аларга түрткү болгон ар кандай кыска мөөнөттү курстар болгон.

Атасы, энеси жана башка жакын бир туугандары ( бардыгы ? киши) 1916-жылы чет жакка болгон жолдун азап тозогун көтөрө албай Эңилчек капчыгайында каза таап калышкан. Кытайдан кайткандан кийин 1917 –жылы жаш жигит тиричилик кылуу үчүн Караколдогу офицерлердин гарнизонунда жылкы кайтарып, короо шыпырып иштеген. Ошол учурда аны подполковник Бычков аны Верный шаарына өзү менен алып кеткен.

Бул жерде совет бийлиги орногондон кийин (март,1918-жыл) Ж.Абдрахманов бул учурга чейин областык статистикалык башкаруу бөлүмүндө катчы болуп иштеп жүргөн Морозовдун Кызыл аскерлер отрядына кирет. Андан соң Семиречьедеги ак казактарга каршы болгон салгалашууга да катышат.Мына ушинтип Улуу революциянын куюну аны күч менен жана кайтарымсыз өз кучагына алып, жана анын турмуш жолун өмүрүнүн кайгылуу аягына чейин аныктап койду.

Оорунун айынан анын аскердик карьерасы токтолуп, ал кайрадан Верныйдын гарнизонуна кайрылат, бирок ал жерде деле көпкө кармалган жок.

1919-жылы Ж.Абдрахманов партияга өтөт да гарнизондун райкомунун мүчөсү болуп кабыл алынат.

Ал биздин республиканын жана Туркестан жаштар кыймылынын башында турган.

РКСМдин 1920-жылы Москвада өткөн III съездинин делегаты да болгон.Бирок өзүнүн кыска өмүр жолунда ал көптөгөн жогорку мамлекеттик кызматтарда иштеген.

Ж.Абдрахмановдун өмүрүнүн эң чыгармачыл бышып турган жаңы,толук,оор мезгили, ал Кыргызстандын совнаркомунун

председатели болуп иштеп турганда башталды.Ал жаңы эле уюшулган Кыргыз Автономдук социалистик Республикасынын эл чарбачылыгын жана маданиятын өнүктүрүүгө чоң салым кошту.

Ж.Абдрахманов нукура өз максатынан кайтпаган аны Семиречье обкомунун 1923 жылы берген мүнөздөмөсүндө «өз катасын мойнуна алып жана аны кайра арылтууну билет», тийиштүү чараларды көрө алат, бирок кээде « субъективдүү болуу менен бирге өзүн өзү кармай албай кетет» деп көрсөткөн.

Ж.Абдрахманов өкмөт башчысы катары Кыргыз АССРинин беш жылдык планын өтө турмуштук сын пикир менен баалаган, анткени ал өзүнүн көп бөлүктөрүндө туура баа берип, өзүнүн кажыбас энергиясы менен Ж.Абдрахманов аны ишке ашырууга киришет жана борбордук уюмдардын аны «кесип салуу» аракеттерине каршы күрөшөт. Ошону менен бирге ал ар кандай денгээлдеги бюрократияга каршы күрөшөт бул багытта мамлекеттик кызматкердин кажыбас кайраты жана чечкиндүүлүгүн көрсөтөт.

Автордун өзү үчүн гана жазган күндөлүгүндө Кыргыз АССринин Совнаркомунун председатели 2—жылдардын аягында пайда болгон жана И.В.Сталин тарабынан 30-жылдары жүргүзүлгөн иш аракеттердин терс жагын көрө билген.Ошондуктан, душмандардын колуна кабылган күндөлүгү, анын камакка алуу үчүн чоң түрткү болду.

Ж.Абдрахманов өлкөдөгү өнөр жайдын өсүшүнө чоң демилге менен мамиле кылган.Мисалы, ал «Чүйстрой» деген проектини борбордук органдар алдында чоң аракет кылган, анткени ал проект бүткүл Чүй өрөөнүн сугарууга эзелтеден колдонгон жолду таштап жаңы инженердик негизде жүргүзүүгө мүмкүндүк бермек.

Азыр да көп мезгил өткөнүнө карабастан, биринчи республикалык өкмөттүн башчысынын көрөгөчтүгүн жана экономикалык көз караштарынын тууралыгын көрүп, анын кээ бир каталарын кечирсе болмок.Үстүртүдөн сунушталган кендир өндүрүүнүн ордуна Ж.Абдрахманов кенаф жана индиянын кендирин , ал эми кийинчирек болсо, кант кызылчасын жана дан эгиндерин өстүрүүнү сунуштаган. Кийинчирээк ал жакшы жыйынтыктарды берди.

Ж.Абдрахманого көп күчтү жана ойлонгон машакаттыТокток темир жолу алып келди. Анын планында Токмок-Рыбачье темир жол түйүнүн куруу болчу.Бирок бул план ансыз ишке ашырылды.

Ж.Абдрахманов көп убакыттысын жана энергиясын өлкөнүн мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө жана маданий курулушка жумшаган.

Ж.Абдрахманов өлкөнүн түштүк бөлүгүнүн социалдык-экономикалык проблемаларынын чечилүсүнө да туура караган. Ал ошол кездеги бар Ош жана Джалалабад областарынын ордуна Түндүкыргыз округун түзүүнү сунуштаган, өлкөнүн башчылыгынын ою боюнча, мурдатан түзүлгөн чарбалык байланыштарды үзбөй эле жаш Кыргызстанды республикалык экономикалык комплекске киргизүү менен социалдык жана маданий курулуш проблемаларын ийгиликтүү чечүүгө өбөлгө түзүлмөк.

Ж.Абдрахманов карапайым адамга каршы жүргүзүлгөн саясатка каршы болгон( б.а. сталиндик коллективизацияга).

1937 –жылдын 4 апрелинде ал «Эл душманы» катары камакка алынат. Туура алты айдан кийин 1938 – жылдын 4 ноябрында ага «антисоветтик терррористик диверсиялык уюмдун өкүлү катары, ал коом болсо Советтик бийликти уратууга жана Кыргыз АССРин СССРден чыгарып буржуаздык-нацианалистик Англия мамлекетине багыт алган өлкөгө айлантмак » деген жалаа жабылган.

1938-жылдын 5 ноябрында жогорку денгээлдеги айып атуу өкүмү менен ишке ашырылган.

1958-жылыСССР Жогорку сотунун чечими менен Ж.Абдрахмановго коюлган саясий айыптар толугу менен алынып, акталган.

Ал кырк жыл да жашаган жок, анын өмүрүн сталиндик мыйзамсыздык жана террор чыгармачылыгы өнүгүп турган кезде кыйды, анткени адамдын чыгармачыл потенциалы, ошонун ичиниен мамлкекеттик ишмердиги максималдуу өзүн өзү ачууда жүрөт, бирок анын кыска кырчын өмүрү элдин кызыкчылыгы үчүн эбегейсиз иштерди өзүнө камтый алды.

Ж.Абдрахмановдун элесин эл «Эл душманы» наамына карабастан көптөгөн мезгил бою сактап келди.

## ***Маалымат үстүндө иш «БББ» стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт( «Билем.Билгим келет.Билдим»).***

«Стратегиянын негизги кадамдары»

1. «Силер … жөнүндө эмне билесинер?» суроосу үстүндө оозеки түрүндө ( жеке, жуп менен, группада иштөө).
2. Таблицанын биринчи бөлүгүн толтуруу:

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 1. | 1. | 1. |
| 2. | 2. | 2. |

3. Параледүү түрдө таблицанын экинчи бөлүгүн толтуруу ( группада иштөө учурунда).
4. Маалымат менен таанышуу жана таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтуруу (суроолорго жооптор). Эгерде жаңы суроолор пайда болсо, алар таблицанын экинчи бөлүгүнө киргизилет.
5. Таблица үстүндөгү иштин жыйынтыктарын жуп менен, группада талкулоо.
6. Суроолор түрүндө ой жүгүртүү (башка да формалар болушу мүмкүн)»1.

**Мугалимдин кириш сөзү**

Жусуп Абдрахманов өткөн кылымдын 20-30-жылдардагы Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмери, ал өзүнүн жемиштүү ишмердүүлүгү жана уюштуруучулук таланты менен өз элинин бейпилчилиги үчүн зор салым кошкон.

Кыргыз улуттук мамлектеттүүлүгүн түзүүдөгү анын ролун аныктоо өтө оор. Ал 1922-жылы Кыргызстандын тоолуу областын түзүүнүн демилгечиси болгон, андан соң 1925-жылы Кара-Кыргыз автономиялык областын түзүү боюнча ишти жетектеген, андан соң Кыргыз АССРине Союздук республиканын статусун алууну мыйзамдуу деп эсептеген.

**Биз маалымат үстүндө иштөөдө төмөнкү максатты көздөйбүз**

**Максаты:** Жусуп Абдрахманов мамлекеттик жана саясий ишмер жөнүндөгү бир бүтүн ойду жана өз алдынча элес түзүү.

**Класстык саат боюнча мугалимге маалымат**

1. Ж.Абдрахманов жөнүндөгү маалымат кабыл алуу үчүн өтө татаал болгондуктан , аны оозеки,жеткиликтүү сөз менен жеткирүүгө аракет жасоо керек.
2. Окуучулар үчүн тексти жазбай эле, көркөм окуп берсе да болот.

1.Буйских Т.М,Задорожная Н.П. Критическое мышление в преподавании общественных дисциплдин.-Бишкек.2003.71-бет.

3. Класстык саат аяктагандан кийин окуучуларды Ж.Абдрахмановдун өмүрү жана чыгармачылыгын өз алдынча терең изилдөөгө түрткү берүү менен жаңы пайда болгон суроолор боюнча адабияттарды көрсөтүү керек.
4. Таблица үстүндө жүргүзүлгөн иштерди кароодо Ж.Абдрахмановго болгон сый жана урмат сезимин чакырган эмоционалдык фон түзүү зарыл.

**Класстык сааттын жүрүшү**

**1 кадам. Чакыруу.** «Кандай адамды өз элинин чыныгы патриоту деп санаса болот?»- деген суроо үстүндө иштөө.

Жооптор ар кандай болушу мүмкүн, ар кыл ойлор болушу мүмкүн, ошондуктан ишти алдын ала - жекече( жазуу түрүндө ) өткөрүү керек, андан соң оозеки талкулоо керек, алгач жуптар менен, андан соң группаларда.

**2 кадам. Таблицанын биринчи бөлүгүн толтуруу.**

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| 1. | 1. | 1. |
| 2. | 2. | 2. |

«Ж.Абдрахманов жөнүндө эмне билесинер же билем деп ойлойсунар?» деген суроонун жоопторун бардык варианттары оңдолбостон жазылат.

**3 кадам**. Группада иштөөдө таблицанын экинчи бөлүгүн параллель толтуруу.

Бул жерде Ж.Абдрахмановдун үй-бүлөөсү жөнүндө суроолор пайда болуусу мүмкүн, ал боюнча архивдик материалдарга сыяктуу керек, анткени сунушталган адабияттар боюнча бул тема камтылган эмес.

**Кабылдоо.**

**4 кадам.** Маалымат менен таанышуу жана таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтуруу(Суроолорго жооптор).

Текстин көлөмү чоң болгондуктан, окуучулар өзүлөрүнүн жазууларын таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтурууга мүмкүнчүк бериш

үчүн, тексти жай, интервалдар менен окуу керек. Бул графаны толтуруу учурунда мугалим окуучуларга кандай толтуруу керек экендиги жөнүндө түшүнүк берүү керек.Жазуулар кыска жана негизги ойду өзүнө камтышы керек.

**5 кадам.** Таблица үстүндө иштин жыйынтыгын жуптар менен, группада талкулоо.

Бул кадамда окуучулардын Ж.Абдрахманов жөнүндөгү алгачкы маалыматтары менен жаңы маалыматтарын салыштыруу.Оозеки талдоодо кээ бир маалыматтар кайталанышы мүмкүн, ошондуктан бул жөнүндө мугалим алдын ала эскертиши керек.

**6 кадам. Ой жүгүртүү.**

*Суроолор үстүндө иштөө:*

- Текстен Ж.Абдрахмановдун кандай портрети көз алдыңарга тартылып жатат?
- Биз эмне менен сыймыктана алабыз жана эмне үчүн?

Адабияттар

1. Юсуп Абдрахманов. Шам.-Бишкек,2001.
2. Юсуп Абдрахманов. Дневники.Письма к Сталину.Фрунзе.Кыргызстан.2003.

## *«АК КАГАЗДЫН БЕТИНДЕ КАЛГАН ЭКЕН ТАГДЫРЫҢ»*

( орто мектептин жогоркукласстын окуучулары үчүн)

**КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ**
**(1901-1938 жж.)**

*Турмуштун ач көз колдору дайыма жакшыны алып кетет,*
*начарлар болсо бул дүйнөдө толук өмүр сүрүшөт.*
**Овидий**



**Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз**

**«Касым Тыныстанов кандай адам эле?»**

Касым Тыныстанов касиеттүү Ысыккөлдүн жээгиндеги Чырпыкты айылында кедейдин үй бүлөсүндө 1901 жылы 10 сентябрда жарык дүйнөгө келген. Касымдын атасы бир аз арабча жазганды жана

окуганды билген, ошондуктан ал баласын бир аз болсо да 7 жашка чейин окуганды жана жазганды үйрөткөн.

Байсоорун(азыркы Ананьево айылында) 3-4 жыл окуп, андан соң 1912-жылы К.Тыныстанов Каракол шаарына орус-түзөм мектебине окуганга барат.1916-жылга чейин 3-классты орус тилинде бүтүрөт.

1916-жылы Касым үй- бүлөсү менен Кытайга качып барат, ал жердеги азап-тозоктун баарын көтөрүп кайрадан 1918-жылы Ысыккөлгө Тепке айылына , энесинеин бир туугандарыныкына келет.1919-жылы таэкеси Садыбакас Исмаиловдун уездик милициянын началнигининин жардамы менен Ташкент шаарына окууга барып, Казак-кыргыз институтуна тапшырат.Ал кезде ал 18 жашта эле.Бул мезгилде ал ыр жаза баштайт жана ырларын «Ак жол», «Учкун», «Тилчи» газеталарына жарыялай баштайт.

1922-24-жылдары ал 18 жакын ыр жана «Жаңыл Мырза» поэмасын жаратып, алар «Касымдын ырлар жыйнагы» деген ат менен жарыкка чыгат.

***Биринчи тыным.***

Лингвист жана педагог К.Тыныстановго кыргыз жазуусун араб жазуусунун негизинде, андан соң латын жана орус кириллица алфавитинин негизинде түзүү салымы да зор. 1926-жылы Баку шаарындагы Биринчи тюркологдордун сьездиндеги, ага бир топ көрүнүктүү тюрколог окумуштуулар чогулушкан, К.Тыныстанов «Жаңы алфавитке өтүү» деген доклады менен чыккан.Анда ал араб алфавитинен кеңири колдонулган латын алфавитине өтүүнүн себебин негиздеген. Ал Кыргызстандагы социаолдык жана маданий кырдаалдар буга түртүү экендигин жана кыргыз тилиндеги китептердин аз болушунун себебинен, кыргыз мамлекети 1927-жылдын декабрында жаңы алфавитти мамлекеттик алфавит катары кабыл алган. 1928-1929- окуу жылында мектептердеги окутуу жана иш кагаздарын жүргүзүү Жаны алфавитке которулган.

1925-жылы К.Тыныстанов «Эркинтоо» гезитинин башкы редактору болуп дайындалат. Ошол эле жылдын күз айларында ал элдик билим берүү бөлүмүнүн председатели болуп дайындалат.Кыргыз автономдук республикасынын түзүлгөнүнөн баштап ал Эл агартуунун комиссары болот.

1926-жылы кыргыз элинин эч кандай илимий, адабий журналдары, музейлери да жок болчу. Кыргыз илимпоздору, мектептин мугалимдери илимий-педагогикалык журналдарга муктаж болуп жатышкан. Бирок өлкөдө акча жок болчу. К.Тыныстанов жана Төрөкул Айтматов биринчилерден болуп кыргыздын адабий-

педагогикалыкжурнал түзүү жөнүндө жарлык салып, бул үчүн 10 сомдон( ал кезде 10 сом үч койдун баасы эле) чогулта башташты.

«Эркин-Тоо» газетасындагы бул жарлыктын жардамы менен алар, ал кез үчүн эң көп акча чогултулган эле.1928-жылы май айында «Жаңы маданият жолунда» журналынын биринчи номуру жарыкка чыкты. К.Тыныстанов журналдын редактору болуп калды, ал эми редколлегиянын мүчөлөрү болуп- Токчоро Жолдошев,Баялы Исакеев.

Билим берүү жаатында К.Тыныстанов тарабынан даярдалган окуу куралдары, окуу көрсөтмөлөрү,сөздүктөр жана кыргыз тилинин грамматикасы өзгөчө орунду ээлейт. Анын калемине «Окуу үчүн китеп»(1924 ж.), «Чоңдор үчүн алиппе»(1926ж), «Эне тили»(1927), «Тил сабактары»(1932ж.), «Кыргыз тилинин терминологиялык сөздүгү» (1933 ж.). Өзгөчө Эл аралык окуу китептерин түзүү тажрыйбасын колдонуп түзүлгөн «Окуу китеби» каралат.Бул китеп улуттук сабатсыздыгын жоюп жаткандар үчүн хрестоматия катары болуп калды, анткени китепте кыргыз фольклору кеңири берилген, мисалы, «Алдар көсө жана шайтан», «Кичинекей баатыр», «Куу түлкү»ж.б. Хрестоматияга К.Тыныстанов өзүнүн дидактикалык жана поэтикалык – «Кыш», «Жайлоо», «Жаз», «Күз» деген чыгармаларын киргизди.

К.Тыныстанов жазган окуу куралдары тарыхта биринчилерден болуп кыргыз мектептери үчүн, өзгөчө айыл жериндеги балдарга билимге жол ачты.

30-жылдардын башынан жана 1937-жылдын августуна чейин К.Тыныстанов маданий курулушунда активдүү иштеген( андан кийин Кыргыз тили жана жазуусунун Институту), педагогикалык института доцент катары (1932ж) жана профессор (1936ж) катары педагогикалык жана илимий иш жүргүзгөн. Кыргыздардын илимпоздорунун арасынан Касым Тыныстанов биринчилерден болуп профессор наамга татыктуу болгон, ал наамга аны лингвист Е.Д.Поливанов, көрсөткөн.

***Экинчи тыным.***

К.Тыныстанов өзүн эч аябай иштеген окумуштулардан эле. 24-сааттык сутканын ичинен ал 18-19 саат иштөөчү. Бул анын титандык, эбегейсиз зор жумушу 1929-30 жылдарда өтө катуу ооруп калды. Ал көп убакыт бою өзүнүн туулуп өскөн айылы Чырпыктыда дарыланды.

1930-31-жылдары ал Кыргыз драма театрынын директору болуп дайындалат. Ушул учурда ал «Академиялык кечелер» аттуу драмасын жазат жана зор эмгек менен 1932 –жылы театрдын сахнасында коет. Бул спектаклдын ачылышында ал жалындуу сөз сүйлөйт. Таң калган

көрүүчүлөр анын 40-50 минут сүйлөгөндүгүн да байкабай спектаклдин башталышын дүркүрөгөн кол чабуулар менен тосуп алышты.

«Академиялык кечелер» коюлгандан 1-2 айдан кийин К.Тыныстановго каршы калп ушак таратыла баштады жана «Правда» гезитинде «К.Тыныстанов советтик театрдын сахнасына бай-манаптардын идеяларын сүйрөп чыгарып жатат»,- деген макала жарыкка чыгат. Мындан соң айылдагы большвиктер анын атасын, кедейлигине карабастан, кулак деп Украинага сүргүнгө жөнөтүшөт.

1933-жылы Кыргызстандын Обкомунун биринчи секретары болуп Макс Белоцкий дайындалат. Ал партактивдин биринчи сьездинде К.Тыныстановду сындап, ал эми өз ырларында Ленинди мактап ырдагандыгын баса белгилеп, ал эми К.Тыныстанов болсо «феодалдык акын»болуп калгандыгын жана биринчи ырында эле Манасты мактагандыгын айтат. Бир аз убакыт өткөндөн кийин К.Тыныстанов М.Белоцкийге кабыл алуусун суранып аны менен жабык эшик артында 3,5 саат сүйлөшүп чыгат. Мындан кийин М.Белорцкий өзүнүн К,Тыныстанов жөнүндөгүн оюн кескин өзгөртүп, анын билимдүү,өз учурунун интеллеген адамы экендигин, өз элинин келечеги үчүн аябай ойлонуп жаткандыгын көрөт жана К.Тыныстановду мындан ары эч кимден коркпой иштешине , керек болсо жардам берерин айтат.

М.Белоцкийдин ангемесинен кийин кубаттанган К.Тыныстанов кийинчирээк аны «Манас» эпосун орус тилине которулуп жана басып чыгарылбаса ал бүткүл дүйнөгө белгилүү болбой кала берерин ишендирет. 1934-жылы «Манас» эпосунун орус тилине которулуусу жана жарыкка чыгышына Кыргыз Республикасынын бюджетинен 80 миң сом бөлүнүшүнө жетишет.

Кийинчирээк «Манас»эпосун которуу үчүн ал үч котормочуларды (С.Липкин,Тарловский,Пеньковский) чакырат. Бул томго К.Тыныстанов башкы редактор болуп ага киришүүсүн жазат, бирок 1938-39 жылдары ага жалган «улутчул» деген жалаа айыпталып, атууга кеткен.

***Үчүнчү тыным.***

Улуу Ата Мекендик согуштан кийин 1946-жылы ошол эле том жарык көрдү, бирок ору тилиндеги редактор Константин Кузьмич Юдахин, ал эми кириш сөздүн авторлору Жакишев жана Мальков болушту.

К.Тыныстанов кыргыз элинин биринчи жазуучусу, биринчи Эл агартуунун комиссары, кыргыз грамматикасынын биринчи профессору болгон. Ошону менен бирге ал биринчилерден болуп кырыгз

маданиятына жана адабиятка кеңири салым кошкон мамлекеттик ишмер эле.

Касым Тыныстанов кырыгз билим берүүсүнө биринчилерден негиз салган, кырыгз улуттук мектебинин базалык педагогикалык жана окуу-усулдук негизин салган.

## Маалымат үстүндө иш «Башкаруучу окуу» стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт

## «Башкаруучу окуу» стратегиясынын негизги кадамдары»

**1 кадам. Чакыруу.** «Касым Тыныстанов кандай адам эле?» Суроосу үстүндө иштөө.
**2 кадам. Кабылдоо.**
а) Тексти ыным менен окуу.
Б) Тексти талкулоо.
В) Окуяларды прогноздоо.
**3 кадам. Ой жүгүртүү :** эссе.

## Мугалимдин кириш сөзү

Касым Тыныстанов кыргыз элинин биринчи окумуштуусу, биринчи профессору болгон.Ал өз элинин билимдүү болуусун каалаган. Билимде бакыттын жолун көргөн.Сунушталган маалымат үстүндө тыным менен иштейбиз жана төмөнкү максатты көздөйбүз.

**Максаты:** Касым Тыныстановго болгон өздүк мамилени калыптандыруу, анын өмүрү жана чыгармачылыгы, Ата Мекен астындагы эмгегинин негизинде.

## Тарбиялык саттын темасы боюнча мугалимге маалымат

1. Текст тыным менен жазылган.
2. Тынымдар окуучулардын суроолору, алдын ала айтуулары пайда болгон жерде тыным болот.
3. Тексти окугандан кийинки пайда болгон суроолор жана тапшырмалар окуучуларды иш аракетке, активдүү турмуш позициясын жана көнүл буруусун жана кызыгуусун пайда кылышы керек.

Класстык саатын жүрүшү

**Чакыруу.**

**1 кадам.** Бул чакыруу стадиясында «Касым Тыныстанов кандай адам эле?» деген суроого жооп берүү.Бул жерде жооптор толук эмес, кыска же « Биз ал жөнүндө эч нерсе билбейбиз» -деген жооптор болушу мүмкүн. Бул жооптор мугалимди таң калтырбашы керек.Мугалим К.Тыныстановдун өмүрү жана чыгармачылык жолун окуп үйрөнүүгө кызыкчылыкты арттыруу керек.

**2 кадам. А) тексти биринчи тынымга чейин окуу.**

Качан окуучулар тексти окуп бүткөндөн кийин, төмөнкү суроолорго жооп беришет:

- Кандай адам ыр жазат жана эмне үчүн жазат?
- Силердин оюңар боюнча К.Тыныстановду билим алууга, таанып билүүгө болгон аракеттери анын турмушуна кандай таасир этет?

**Б)Тексти экинчи тынымга чейин окуу.**

**Текстин бөлүгүн окугандан кийин суроолор:**

- Силердин оюңар боюнча, Кыргыз Автономиялык областынын Академиялык борборунун председатели, Эл агартуунун комиссары кандай адам болмок?
- Касым Тыныстановду Эл агартуу тармагында, билим берүүдө «биринчи жол салуучу», « жол ачуучу» деп эсептесе болобу? Эмне үчүн? Далилдегиле.
- Силердин оюңар боюнча, К.Тыныстановдун андан ары тагдыры кандай болот, аны ийгилик күтүүдөбү же жокпу? Эмне үчүн? Жообуңарды далилдегиле.

**В) Тексти үчүнчү тынымга чейин окуу.**

**Суроолор:**

- К.Тыныстановдун өмүрүндө «Академиялык кечелер» спекталин коюу кандай ролду ойноду? Эмне үчүн ал кийин сахнага коюдан алынып салынган?
- Силердин оюңар боюнча, эмне себептен К.Тыныстанов тынымсыз 18-19 саат иштеген?

**Г) Тексти аягына чейин окуу.**

**Суроолор:**

- «Мнас» эпосун орус тилине которуу керек эле? Ансыз болбойт беле?
- К.Тыныстановдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө силерде кандай ойлор айда болду? Чынында эле анын тагдыры ак кагаздын бетиндеби?
- К.Тыныстановдун өз Ата Мекенинин патриоту деп эсептесе болобу? Эмне үчүн7

**3 кадам.** Тексти окуп аяктоону эссе түрүндө жазуу иши менен аяктаса да болот, анда төмөндөгүдөй суроо болушу мүмкүн « К.Тыныстанов менен сыймыктанса болобу? Эмне себептен?», «».Мен эмнем менен ага окшош болгум келет» ж.б.у.с.

Адабияттар:


1. Антология педагогической мысли Киргизской ССР.- М.: Педагогика,1988.
2. Измайлов А.Э.Очерки по истории советской школы в Киргизии за 40 лет ( 1917-1957гг.)
3. Рахимова М.Р., Панкова Т.В.,Калдыбаева .Т. Очерки по истоии педагогики.-Б.,1998.
4. Абдазова Ф. он стал жертвой террора. Вести Исыккуля.10 сентября,2000.
5. Шепеленко А.Осенняя заря Касыма.-Слово Кыргызстана,13 сентября,2001.
6. Шаповалова В.Здесь грядушее у прошлого в долгу.К.Тыныстанов в переводе Вячеслава Шаповалова.Слово Кыргызстана,16 июня,2000.

***« БИЛИМСИЗ ДҮЙНӨ КАРАҢГЫ»***

***ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ***
***(1882-1933)***

(жогорку класстын окучулары үчүн)

«Убакыт бизге жаңы көрүнгөндүн баарын карытат.
Бирок мезгил өткөндү да жашартат»
Рудаки



**Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз**

**И.Арабаевдин өмүрү жана ишмердүүлүгү жөнүндө кыскача тарыхый маалыматтар.**

20-жылдардын орто ченинен баштап Кыргызстанда мектептер түзүлүп, жалпы билим алууга шарттар түзүлүп,кыргыз улуттук мектептери үчүн кыргыз тилинде окуу программалары, окуу куралдары, окуу-методикалык көрсөтмөлөр түзүлө баштады.

1925-жылдын февраль айында Фрунзеде Кыргыз мамлекеттик басмаканасы түзүлгөн. Эки жылдын ичинде басмакана 12 аттагы окуу куралдарын жана окуу көрсөтмөлөрүн чыгарды(«Алиппе», «Алиппеден кийинки окуу үчүн китеп», «Геометриянын алгачкы курсу»,»Арифметикалык маселелер», «Ата Мекен жаратылышы»,»Эне тилинин методикасы», «Математиканын методикасы», ж.б.). Чоңдор үчүн аналитико-синтаксистик окутуу методунун негизинде түзүлгөн алиппе «Жаңылык» жана «Жазуу жолуна саамалык» аттуу мугалимдер үчүн туура жазуу боюнча колдонмо.

Элдик билим берүүнүн тарыхында жана кыргыз элинин педагогикалык мурасын калыптандыруудагы зор рол агартуучу, окумуштуу жана педагог Ишеналы Арабаевге тиешелүү.

Ишеналы Арабаев биринчи кыргыз алфавитин араб графикасынын негизинде түзгөн, грамматика жана табигий илимдер боюнча окуу китептерин, кыргыз алиппесинин автору.

И.Арабаев 1882-жылы Борбордук Тянь-Шандын Кочкор волустунун Күнбатыш айылында жарык дүйнөгө келген. 1900-жылы орус-түзөм мектебин аяктап, андан соң агартуучулук ишмердүүлүк менен айыл мектебинде мугалим катары эмгек жолун баштайт.

Билимге суусаган жана эл турмушун билим аркылуу өзгөртүүгө болгон максат менен ал жогорку диний «Галия» медресесине окууга келип, ал жерде 1910-жылга чейин билим алат. Каникул учурунда педагогикалык тажрыйбасын өркүндөтүп казак жана кыргыз балдарын сабаттуулукка үйрөтөт.

1911-жылы И.Арабаев биринчи жолу кыргыз тилиндеги Молдо Кылычтын «Кыса Зилзалла» деген китебин кириш сөз жазып жарыкка чыгарат.

1922-1924-жылдары И.Арабаев Туркестан АССРинин Эл агартуу комиссариатында кыргыз илимий комиссиясын жетектеп иштейт.

Өз элинин чыныгы патриоту катары ал «Манас» эпосун изилдөөгө жана жазууга көп күч аракет жумшаган. Бул ишке ал мугалим Калим Мифтаковду жана Ыбрай Абдрахмановду улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунун оозунан эпосту жазууга тартат.1925-жылы улуу манасчы Тыныбектин оозунан И.Арабаев «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү»деген бөлүгүн жазып алат да бир

аздан кийин ал китеп болуп Москванын басмаканасынын жарык көргөн.

И.Арабаев жетектеген илимий комиссия кыргыз элинин алфавитин түзүү, алиппени, окуу куралдарын жана кенже класстар үчүн методикалык көрсөтмөлөрдү, сабатсыз чоң калк үчүн окуу куралдарын, мугалимдер үчүн методикалык көрсөтмөлөрдү жана элдик оозеки чыгармаларды,кыргыз терминологиясынын суроолору, кыргыз тилиндеги гезиттерди чыгаруу маселелеринин үстүндө иштеп жатты.

1924-жылы И. Арабаев методикалык жактан жакшы түзүлгөн жана көрсөтмө куралдар менен жабдылган «Кыргыз алфавитин» жана «Алиппени» түзгөн.

И.Арабаев жеке демилгеси менен жашатарды да билим алууга чакырган.Аны өлкөнүн келечеги тынсыздандырган, ал эми келечек болсо атуулдардын билимдүүлүгүнөн жана сабаттулугуна көз каранды болот деп терең ишенген.

И.Арабаедвин чакырыгы 20-жылдаагы жаштардын жылуу колдооосуна ээ болгон. Бул жөнүндө кыргыз адабиятына негиз салуучулардын бири- жаш талантуу акын Мукай Элебаедин 1924-жылы жаралган «Зарыгам» ыры далил болот.

Таңды кеч ойлоп талыгам,
Талыкшып жаным тарыгам.
Амалым жок, кол кыска,
Ойлонуп жатып зарыгам.
Ачык бир дана бет албай,
Алыскы жерге кете албай.
Канткенде табам амалын,
Көкүрөктө жаранын?

Миңдеген жаштар бул ырдын саптарын кайталашчу.

И.Арабаев, ошол кездеги жогорку билимдүү кыргыздардын бири «Эл душманы» деген жалган жалаа менен 1933-жылдын июнь айында камакка алынып, түрмөдөн каза тапкан.

1958-жылы ага каршы коюлган жалаадан өлгөндөн кийин Гана акталган. И.Арабаевдин аты жана анын эмгектери кыргыз элинин руханий байлык мурастарынын ичинен жана педагогиканын тарыхынан белгилүү орунду ээлейт.

## . Маалымат үстүндө иш «Билем.Билгим келет.Билдим» стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт

### «Билем.Билгим келет.Билдим» стратегиясынын негизги кадамдары.

**1.** «Силер... жөнүндө эмне билесинер?» суроосу үстүндө (жеке, жуп менен, группада )иштөө.

**2.** Таблицанын биринчи графасын толтуруу:

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| 1. | 1. | 1. |
| 2. | 2. | 2. |
| 3. | 3. | 3. |

3. Таблицанын экинчи гарфасын параллелдүү толтуруу( группада иштөө учурунда).
4. Маалымат менен таанышуу жана таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтуруу (суроолорго жооп).Эгерде жаңы суроолор пайда болсо, алар экинчи бөлүккө жазылат.
5. Таблица үстүндөгү иштин жыйынтыгн жуп менен, группада талкулоо.Ой жүгүртүү эссе формасында болушу мүмкүн( башка формалар да болушу мүмкүн)» 1.

### Класстык сааттын темасы боюнча мугалимге маалымат

1. Бардык жазылган идеялар боюнча баалабай эле иш жүргүзүү керек.
2. «Кластер» стратегиясы үстүндө иш жүргүзүү учурунда каталарды оңдоонун кереги жок.
3. «Билем.Билгим келет.Билдим» стратегиясы үстүндө иш учурунда ар кандай суроолор үстүндө иштөө керек( фактологиялык жана ачык суроолор үстүндө да).

1.Буйских Т.М, Задорожная Н.П.Критическое мышление в преподавании общественных дисциплин.-Бишкек,2003.-71бет.

**Класстык сааттын жүрүшү**

**Чакыруу.**

**1 кадам.** Мугалим «Патриотизм» деген таяныч сөз менен окуучуларга кластер түзүүнү сунуштайт.

Андан ары окуучулар ушул тема менен ассоциация келген сөздөрдү жаза башташат. Окуучулар тарабынан сунушталган сөздөрдүн баары четке какпастан жазылат.



## «Кластер» стратегиясын ишке ашыруу боюнча негизги кадамдар.

1. Барактын дал ортосуна теманын аталышы боюнча бир, эки сөз жазуу.
2. Негизги тема боюнча идеяларды жазуу жана алардын логикалык-мазмундук байланышын түзүү.
3. Бир теманын бир нече подтемасы болушу керек, ал өз учурунда дагы бир нече подтема- жардамчы темалар болушу мүмкүн. 1.

## «Патриотизм» деген таяныч сөз менен кластер түзүүнүн болжолдуу мисалы.

1. «Силер…жөнүндө эмне билесиңер?» ( жеке, жуп менен, группада)
2. Таблицанын биринчи бөлүгүн толтуруу :

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| 1. | 1. | 1. |
| 2. | 2. | 2. |
| 3. | 3. | 3. |

3. Таблицанын экинчи бөлүгүн( группада иштөө учурунда параллелдүү толтуруу).
4. Маалымат менен таанышуу жана таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтуруу( суроолорго жооп берүү). Эгерде жаңы суроолор пайда болсо, алар экинчи бөлүккө киргизилет.
5. Таблица үстүндө иштин жыйынтыгын жуптар менен,группада талкулоо.
6. Эссе формасында ой жүгүртүү( башка формалар да болушу мүмкүн).

## Мугалимдин кириш сөзү

Ишеналы Арабаев- кыргыз элинин жазуусунун өнүгүүсүнө чоң салык кошкон. Маалымат үстүндө иш «Билем.Билгим келет.Билдим»

стратегиясынын жардамы менен жүргүзүлөт жана биз төмөнкү максатты көздөйбүз.

**Максаты:** «Патриотизм» деген сөздүн маанисине жана Ишеналы Арабаевдин чыныгы патритизимин түшүнүү менен жана сын көз караш менен кароо мамилесин калыптандыруу.

Мугалим «Белгилүү инсандар» деген категорияга кеңири токтолот:

- Кыргызстандан дагы кандай белгилүү инсандарын силер билесиңер?
- «Билимсиз дүйнө караңгы» деген саптар кандай кишини мүнөздөйт?
- Ишеналы Арабаев жөнүндө силер эмнени билем деп ойлойсуңар?

**2 кадам.** Текст үстүндө иштөө учурунда мугалим окуучулардын көңүлүн бурушу зарыл. ( жеке, группада).

**3 кадам.** Таблицанын биринчи бөлүгүн толтуруу.

Окуучулар өзүлөрүнүн дептерлерине тексти угуп жатып көнүл бурган жерлерин жазышат. Окуучуларды текстин баалуу жерлерин жазуу менен маалыматты угуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу керек.

**4 кадам.** Маалымат менен таанышуу жана таблицанын үчүнчү бөлүгүн толтуруу (суроолорго жооп берүү). Жаңы суроолор үстүндө иштөө. Бул жерде мугалим ар кыл мүнөздөгү суроолор үстүндө иштөөгө көнүл буруусу керек.

Таблицаны толтуруу учурунда ( жуптар менен иштесе болот) эгерде тема боюнча эч нерсе билишпесе, анда таблицанын экинчи бөлүгүнө суроолорду жазышса да болот.(Окуучулардын болжолдуу жооптору мисалга келтирилген).

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| 1.Анын аты менен Бишкек шаарында институт аталган. | 1.Үй бүлөлүк абалы, балдары бар беле? | 1.И.Арабаевдин өмүрү жана ишмердүүлүгү жөнүндө кыскача тарыхый |

| | | |
|---|---|---|
| | | маалыматтар |
| 2.Ал кыргыз тилинде көптөгөн китептерди жазган | 2.Анын кыргыз тили менен адабиятына кошкон салымы; | 2. |
| 3. | 3.Өзүнүн өмүрүндө ал өзгөчө эмне жасады? | 3. |
| | 4.Эмне үчүн ал эрте каза болуп калды? | |

**5 кадам.**Таблица үстүндө жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгын ( жуптар менен, группада) талкулоо. Окуучулардын ишмердүүлүгүн, таблицанын экинчи бөлүгүн толтуруу учурунда, активдештирүү керек.Өзгөчө тексте жооптор жок суроолор боюнча.

**6 кадам.** Он минуттук эссе жазуу, ал төмөнкү суроолорго жооп бериши керек:

- «Ишеналы Арабаевди Кыргызстандын белгилүү инсаны, Ата Мекендин патриоту деп санаса болобу? Эмне себептен?».

# *«АТА МЕКЕНДИН ПАТРИОТУНУН ПОЭТИКАЛЫК ТАЛАНТЫНЫН КАСИЕТИ»*

(орто мектеп окучуулары үчүн)

Саякбай Каралаев
(1894-1970)

«Кездеме чирийт, кийим кече, баалуу таштар жана алтын жоголот,-
Бирок кылым бүткөнчө атак-даңкты ырлар гана берет»
Овидий.



**Биз төмөнкү маалымат үстүндө иштейбиз**

Тилекке каршы биздин көчмөн ата бабаларыбыз бизге эбегейсиз пирамидалар менен сарайларды, оймо-чиймелүү мунараларды же башка илгеркинин элесин калтырган жок.

Бирок биз биздин ата бабалардын өзүлөрүнүн кыргыз руханий маданияттын туу чокусу, тилдин сыйкырдуу күчү менен жаралган- «МАНАС»- баатырдык эпосун калтырып кеткендиги менен сыймыктанабыз.

Эгерде ойлонуп көрсөк, анда «Манас» эпосу кыргыз элинин улут катары сакталып калышына, эне тилин көптөгөн тарыхый окуялар менен согуштардын арасында жоголуп кетпешине чоң ролду ойноду.

## Биринчи тыным

Эпостун түзүүчүлөрү жана сактоочулары −бул элден чыккан таланттуу адамдар эле.Алар эпосту оозеки түрүндө муундан муунга өткөрүп келишкен. Мындай адамдарды Эл ичинде «манасчы» деп аташчу. Бүт өмүр бою алар манас айтышчужана манас айтуу алардын негизги кесиби болуп калган. Алар элдик акыл эстин булагы.Бул адамдар кат сабатты билишчү эмес, бирок укмуштуу акыл эси жана Кудай таалам берген таланты бар болчу.

Манасчы эч качан жаттап алгандарын кайталоочу эмес, алар традициялык түрдө белгилүү сюжеттерди өз сөзү менен айтышчу.Сюжеттин негизин сактоо менен бирге, ар бир манасчы өз алдынча окуяларды, көрүнүштөрдү топтоп, кээ бир көрүнүштөрдү жана образдарды өз алдынча, өзүнүн көрүүсү менен беришкен.

## Экинчи тыным

Белгилүү манасчылардын бири − Саякбай Каралаев эле. Бул улуу жаратуучу Манас айтканда айлана чөйрөдөгүнү байкабай калчу. Ал башкалар аны угуп жатабы же жокпу көрчү да эмес.Анын угуучуларга тийгизген таасири жөнүндө айтпай эле койсо болот.Бул бир актердун театры эле. Анын кубулжуган үнү тээ алыскы кылымдардан бизге ата бабалардын улуу иштери жөнүндө кабар берчү.

Укмуштуудай манасчылык касиет жөнүндө улуу манасчы мындай деп баяндайт. Бир жолу орозо айт майрамы учурунда Саякбай коңшу айылга өзүнүн дорстору менен майрамдоого келет. Кайра кайтып бара жатканда ал досторунунан артта калып, башка жолго түшүп калат. Кууш капчыгайдан өтүп бара жатып, ал бирөөнүн чаңырган үнүн угуп калат,астындагы аты башка жакка тартат, бирок Саякбай аттын үзөнгүсүн тартып үн угулган жакты көздөй бурат да, чоң үйдү көрөт. Боз үйдөн жаш сулуу келин чыгып, Саякбайды боз үйгө кирип даам ооз тийгенге чакырат. Таң калган Саякбай аттан түшүп ичкери кирет. Боз үйдүн ичинде эч ким жок экен, бирок жайылган дасторкондун үстүндө буга чейин ал көрбөгөн дүйүм тамактар толуп турган экен. Сулуу келин «Кел, кел, тамактын бардыгынан ооз тийгин»,- дейт. Коркуп кеткен Саякбай боз үйдөн качып чыгат да тыштан атчан адамдарды көрөт.Алардын арасында ак сакалчан аксакал карыяны көрөт, ал аксакал сол колуна найза кармап, ал эми оң колунда болсо кап кармап турган болот да, каптан дан бы же кумбу бир нерсени уучтап алып Саякбайга карап мындай дейт «Муну оозуна сал да же»,- дейт. Саякбай колундагынын баарын жеп бүткөндөн кийин ал аксакал карыя турган жоокерлерге карап

мындай дейт : «Аккуланын үстүндө турганды сен өзүң билесиң. Ал эми бул –Алмамбет, тиги –Чубак, анын артынан –Сыргак. Азыр сен жолдон эки кой кайтарып жүргөн адамга жолугасың, сен ал адамдан койлорун сатып алышың керек да айылдагыларга түлөө өткөрүшүң кеорек. Алардын жанында сен бул жерде эмне болгондугу жөнүндө айтып беришиң керек»,- дейт. Саякбай эсин жыйганчакты атчандар, шамал сыяктуу, белгисиз жакка чаап кетип калышат. Өз жолунда чынында эле Саякбай эки кой кайтарган адамды көрөт, койлорду сатып алып, түлөө өткөрөт.

Ошол түнү ал түшүндө Манас айта баштады. Ал жөнүндө ата энеси эртең менен айтышты.

## Үчүнчү тыным

Саякбай 77 жыл жашады, анын ичинен 60 жыл манас айтты. Ал эки ай бою тынымсыз жарым миллиондон көп, тактап айтсак,700 строфа айтчу.Ал Манаска жомок катары мамиле кылган адамдарга таарынчу. Эпос ал үчүн дин катары, анын жашоосунун өзөгүн түзгөн.

Эл дайыма Саякбай менен кезигүүнү күтүшчү. Бир жолу Саякбай кездешүү уюштургандардын сыйынан кийин Эл алдына чыга албай калды, бирок анын достору чыгып берүүсүн көндүрүштү жана сахнага олтургуч алып чыгышып ага ыңгайлуу олтурууга жардам беришти. Саякбай өз баянын башынан баштабай, «Тайторунун чабышынан» баштады.Манасчы кыйын жорго Тайторунун башкалардан калып жаткан жерине келгенде көрүп жаткан адамдар ыйлай башташты. Ошол замат күтүүсүздөн жаан жай баштады. Манасчынын интонациясы да өзгөрүп башка багыт алды.Таймаш менен алаксыган манасчы олтургучтан тура калып, жеңин түрүп, кайрадан олтургучтан тура калып жатты. Аны мсенен бирге көрүүчүлөр да өз орундарынан секирип тура башташты. Мына тайманбас Тайтору чабытын күчөтүп маарага биринчи болуп келди. Угуучулардын беттери кубанычка батып, жаан токтоп, күн чыкты. Жаратылыш менен адамдардын биригүүсү болгондой сезилди. Манасчынын айтуусу угуучуларга чоң таасир эткендиктен, бардыгы өзүлөрүн ошол окуянын катышуучусу катары сезип калышты.Бул чыныгы Саякбайдын да,элдин да, айкөл Манастын да жеңиши болду

## Төртүнчү тыным

Бир байыркы уламыш боюнча кыргыздар хейхундар тарабынан кулга айлантылган эле. Баскынчылардын астында алар кулга айланып, өз өткөн тарыхын унута башташкан.Хейхундар үчүн кыргыздардын акыл эсинен өткөн тарыхын, байыркы ата бабалардын даңктуу иштерин унуткаруу керек эле.Бул учурда ырчы Ыраман

жашаган экен, ал өзүнүн ырлары менен кыргыздардын ички дүйнөсүнө чаң салып баш ийбеген баатырлары, ата бабалары жөнүндө эске салчу экен. Баскынчыларга күндөн күнгө башын өйдө көтөргөн кыргыздарды баш ийдирүү оорго туруп жатты. Хейхундар кыргыздар кайдан күч кубат алып жаткандыгын түшүнбөй жатышты.Алар кыргыздарга дем күч болгон баатырдыктын касиетин, улуу касиетин, сууга чөкпөгөн, отто күйбөгөн, жаа огунан өлбөгөн, камчы астында ийилбеген, мезгилдин агымына баш ийбеген, адамдарды улуу жеңишке, эркиндикке чакырган күчтү  тапкандыгын билген жок.Бул өткөн ата бабалардын жана баатырлардын эрдиги жөнүндөгү «Манас» дастаны  болчу.

Душмандар поэтикалык сөздүн күчүн баалашпай калышкан экен. Качан Гана баш ийбестиктин сырын билишкенде, кырыгз уруусун түбү менен жок кылууну чечишти. Кандайдыр бир касиет менен Жайсан-Ыраман ырчынын баласы гана аман калат. Ага атасынан поэтикалык шыгы өтөт да, уламыш боюнча, ал биринчилерден болуп баатырдын улуу иштери жөнүндө айта баштайт жана жарым күн боз үйдүн жасалгасын укмуштуу ыр менен айтчу экен.Мына ошентип бизге чейин «Манас » эпосу сакталып келген экен.

**Бешинчи тыным**

Саякбай Каралаев өзүнүн эмоционалдык манас айтуусу менен оорулууларды оорусунан алаксытып айыгууга ишеним берип келген. Ыйлап жаткандарды сооротуп, жалкоолорду ойготуп, адамдагы жакшы сапаттарды ойготуп, шашкандарды өзүнө тартып алган. Ал эми сөздүн касиеттүү касиетин алсак, ага Саякбай Каралаев өзү далил.

## Маалымат үстүндө иш «Башкаруучу окуу» стратегиянын жардамы менен жүргүзүлөт

### «Башкаруучу окуу» стратегиянын негизги кадамдары»

**1 кадам. Чакыруу.**

Суроосу үстүндө иштөө.

**2 кадам. Кабылдоо.**

а) Тексти беш тыным менен окуу.

Б) Тексти талкулоо.

В) Окуяларды прогноздоо.

**3 кадам. Ой жүгүртүү –** класстык сааттын темасы боюнча «Синквейн»түзүү.

## Мугалимдин кириш сөзү.

«Манас»- эпосу кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы болуп саналат. Андан биз биздин ата бабалардын өткөн турмушунун күндөрү,маданияты, үрп-адаты, тарыхый жашоосу жөнүндөгү көптөгөн сакталып каалаган маалыматтарды манасчы Саякбай Каралаев бизге жеткизген. Бүгүн ал жөнүндө сөз болот. «Саякбай Каралаев» аттуу текст үстүндө иштейбиз жана төмөнкү максаттарды көздөйбүз.

**Максаттар:** Саякбай Каралаевдин кыргыз элинин тарыхын сактоодогу жана улуттук ар намысты сактоодогу ролу жөнүндө өз алдынча жыйынтык чыгарууга үйрөнөбүз.

## Тарбиялык сааттын темасы боюнча мугалимге маалымат

Текст менен таанышуудан мурун мугалим Саякбай Каралаев жөнүндө кээ бир маалыматтарды жана тексти тыным менен окуу жөнүндө түшүндүрүү берип, андан соң текст окууга киришүү керек.Мугалим окууну башкарат жана окуучулар айткан жерден алдыга кетпей тынным жасашы керек.

## Тарбиялык сааттын жүрүшү.

**1 кадам**. Мугалим: «Биз бардыгыбыз кандайдыр бир мурунку өткөн окуялар жөнүндө маалыматтар сакталган музей катарыбыз…» (Г.Башляр)

*Суроолор:*

- Силердин оюңар боюнча, өткөн жөнүндө маалыматтарды кандай сактаса болот?
- Биздин байыркы ата бабарыбыз өткөндөр жөнүндө маалыматтарды кандай сакташчу эле? ( Эгерде «ооздон оозго». Деген жооп болсо, анда төмөнкү суроону берүү керек: «Эл ичинен чыккан «Манас» эпосун оозеки түрүндө муундан- муунга өткөргөн белгилүү адамдарды атасаңар»).

**2 кадам.** Окуучуларда тексти биринчи тынымга чейин окууну сунуштагыла.

**а) Биринчи тынымга чейин**.

*Окугандан кийин төмөнкү суроолорду талкулоо керек:*

- «Манас» баатырдык эпосунун кайра айтканда кандай өзгөчөлүктөрү бар?
- «Сөздүн касиеттүү күчү» деген фразаны кандай түшүнөсүнөр? Жообуңарды далилдегиле.
- Силердин оюңар боюнча, эмне үчүн «Манас» эпосу 1000 жыл мурун эле жоголуп кеткен жок?

**б) экинчи тынымга чейин окуу**

*суроолор:*

- Эмне себептен манасчыларды элдик акыл эстин булагы деп санашат?
- Силердин оюңар боюнча, эмне себептен бүт өмүр бою манас айткан адамдар пайда болушкан?
- Саякбай Каралаевдин манасчылык өнөрүнүн эмне себептеп пайда болгондугун тапсаңар.

**в) үчүнчү тынымга чейин окуу**

*суроолор:*

- Илердиң оюңар боюнча, Саякбайга кезиккен сулуу келин эмненин жышааны эле?
- Силердин оюңар боюнча, ак сакалдуу карыя ким эле? Жообуңарды далилдегиле.
- Эмне себептен ак сакалдуу карыя Саякбайга түлөө өткөрүүгө сунуш берди?
- Силердин оюңар боюнча, Саякбай атчан жоокерлерди кезиктирбей, түлөө бербесе улуу манаесчы болот беле? Эмне себептен? Жообуңарды топтоп, жыйынтык издегиле.
- Силердин оюңар боюнча, С.Каралаев канча жыл жашады жана анын ичинен канча жыл манас айтты?

**г) төртүнчү тынымга чейин окуу**

*суроолор:*

- Эмне себептен Саякбай үчүн эпос жашоосунунөзөгүн түзүп, дин катары болчу?
- Силер эки ай бою тынбай ырларды, поэмаларды жатка айта алат белеңер? Эгерде жатка айта алсаңар , кандай сезимдер болот эле?
- «Тайторунун чабышы» сценасында Саякбай Каралаев кандай сезимдерди ойготот? Дагы кандай манасчыларды билесиңер?

- «Манас» айтуучулар жөнүндө дагы кандай уламыштарды билесиңер?

**д) бешинчи тынымга чейин окуу**

*суроолор:*

- Эмне себептен хейхундр кыргыз элинин эсинен мурунку жөнүндө, ата бабалардын улуктугу жөнүндөгүсүн сызып салгысы келген?
- Силердин оюңар боюнча, «Манас» дастанын Мекенди сүйүү сезимин,душмандларга, мезгилге да  баш ийбеген улуттук ар намысты сактап келген улуу касиет деп санаса болот?
- Кырыгз элинин хейхундарга каршы согушта өз эркиндигин намысын сактап калууда Ыраман менен Жайсандын поэтикалык касиети жардам берди?

**д) тексти аягына  чейин окуу**

*суроолор:*

- Силердин оюңар боюнча, Ыраман, Жайсан жана Саякбай Каралаевдин поэтикалык касиетинин окшоштугу эмнеде?
- Силердин оюңар боюнча, Саякбай Каралаевдин сөзүнүн касиети бар беле? Эмне себептен? Жообуңарады далилдегиле.
- Саякбай Каралаедин касиети кыргыз эли үчүн кандай мааниге ээ? Сен үчүн кандай мааниге ээ?

**3 кадам.** Мугалим окуучуларга класстык сааттын жыйынтыгын чыгаруу үчүн «Синквэйн» түзүүнүн эрежесин түшүндүрөт

1. Аталышы ( зат атооч);
2. Сүрөттөө ( зат атоочтун  касиетин аныктоо үчүн  2 сын атооч сөз жазуу);
3. Кыймыл аракет (зат атоочтко тиешелүү учур чактагы 3 этиш сөз). Аталышы эмне кылып жатат?
4. Сезим ( зат атоочтко болгон өздүк мамилени билдирген фраза жазуу);
5. Негизин кайталоо ( б.а. аталышка синоним сөз ойлоп табуу).
6. «Саякбай Каралаев» деген «Синквэйнге» мисал келтиребиз.

**Жыйынтыктоо этабы:**






**Адабияттар:**

1. Урманбетов Н.К. Культура кыргызов в проекции философии истории.- Бишкек,1997.
2. Абрамзон С.М. Очерк культуры кырыгзского народа.- Фрунзе,1946.
3. Иманалиев К.К. Кыргызстан.(Слово о Родине).Учкун,2002.

## Кортунду

Билим берүү системасында жүрүп жаткан өзгөрүүлөр өзүнө системанын баштапкы звеносунан баштап жогорку баскычына чейин өзүнө камтыды.Бирок, өзгөрүүнүн негизги борбордук звеносу бул жалпы билим берүүчү мектептер, анткени мектептерде келечектеги жаштарды эмгекке жана коомдук турмушка даярдоо ишке ашырылууда.Мектепте өлкөнүн активдүү атуулун калыптандыруу боюнча үзгүлтүксүз билим берүү жүрүп жатат.

Мектептик билим берүүнун мазмуну билим берүүнү жана тарбиялоо процесстерин да өзүнгө камтыды.Азыркы кезде республиканын педагогдору табыгый-илимий циклдеги, гуманитарык багыттагы предметтердин мазмунун жаңылатуу боюнча иш аракеттерди жасалып жатат.

Бирок буга карабастан азыркы кездеги жаштарды тарбиялоо маселелери көп учурда каралбай калып жатат. Мектеп окуучулары Кырызстандын сталиндик учуру, өлкөнүн байыркы тарыхы, советтик

мезгилде көпчүлүк адамдар үчүн жеткиликтүү болгон эмес маалыматтар аз берилип жатат.Кырызстандын кээ бир белгилүү инсандары жөнүндөгү маалыматтар унутта калгандыктан бизге белгисиз кала берген. Азыркы кездеги ММК, телевидение, радио аркылуу берилип жаткан маалыматтар ар кыл мүнөздө болгондуктан окуучулар ал маалыматтарды кабылдоого, өз алдынча анализдөөгө даяр эмес.

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгү менен тарбиялоонун идеялогиядан жана саясаттан четтетип, «жалпы адамзаттык баалуулуктарга, б.а. тарбиялоонун мазмунун В.А.Сухомлинский аныктаган жана түзгөн – «адеп-ахлактын жумшарышы, иш аракеттердин жогору баалануусу, адамдагы чыгармачыл негизди өнүктүрүүгө- багытталып жатат».

Азыркы жаңы социалдык-экономикалык кырдаалдарда окуучуларды мамлекеттеги цивилизацияланган жаңы базар мамилелерине багыттоо керек. «Бул жерде адеп ахлактык сапаттарды тарбиялоо приоритеттүү болуп саналат.». Адеп ахлактык тарбиялоо башка багыттар менен бирге, ошону менен патриоттук тарбиялоо ар тараптан гармониялуу өнүккөн жана өзүнүн Ата Мекенине, өз ишине берилген инсанды тарбиялоо болуп саналат.

**Сунушталган адабиттар:**


1. **Акмолдоева Ш.П. Духовный мир древних кыргызов.-Б.1998.**
2. **Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или каракыргызы.-Б.,2001**
3. **Буйских Т.М.,Задорожная И.П. Критическое мышление в преподавании общественных дисциплин.Б.,2003.**
4. **Болдуин Д. Что значит быть американцем? – М.: Прогресс,1990.**
5. **Гумилев Л.Н. Байыркы түрктөр.-Б.1999.**
6. **Касым Тыныстанов .Алгачкы эмгектер.-Б.,2001.**
7. **Кеңеш Жусупов. Байыркынын издери.-Б.:Кырыгзстан-Сорос.2001**
8. **Кречмер Э.Гениальные люди.-Самостоятельная работа № 1-П.,1999.**
9. **Комиссаров С.Н.Возраждение идеала.-М,1990.**
10. **Койчуев Т.,Мокрынин В. Кыргызы и их предки.-Б.,1999**
11. **Минкина Н.А. Воспитание ответственностью.-М.,1990.**
12. **Чечет В.В. Патриотическое воспитание в семье.-Минск,1990.**

**МАЗМУНУ**


| | | |
|---|---|---|
| **Киришүү** | «Жаш кезден тартып патриоттуулукка» | |
| **1 - бөлүм** | ***«Мамлекеттин символдору»*** | |
| | «Ата Мекен эмнеден башталат?» | |
| | «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни» | |
| **2 - бөлүм** | ***«Сен ооруба, мен ооруюн Ата Журт...»*** | |
| | «Өткөн маданиятка реквием» | |
| | «Ар бирөөнө өзүнүн тулуп өскөн жери артык» | |
| | «Жетиөгүздүн - жылуу булактары» | |
| | «Дайыма тирүү таштар» | |
| | «Өз мезгилинин астроному, астрологу жана агроному Айманбай уулу Манаке» | |
| **3 - бөлүм** | ***«Алардын тагдыры - биздин сыймык жана баалуулук»*** | |

| | | |
|---|---|---|
| | «Жусуп Баласагын- IX кылымдын акыны, акылманы, гуманисти, патриоту» | |
| | «Шабдан батыр – өз мезгилинин акылманы» | |
| | «Эл тагдырын ойлоп…» | |
| | «Элинин татыктуу уулу» | |
| | «Ак кагаздын бетинде калган экен тагдырың» | |
| | «Билимсиз дүйнө караңгы» | |
| | «Ата Мекендин патриотунун поэтикалык талантынын касиети» | |
| | **Кортунду** | |
| | **Адабияттар** | |
| | **Мазмуну** | |

Иманбакаева М.Г.,Намазова А.Ж.

# АТУУЛ ДЕГЕН КИМ?

мугалимдер жана педагогикалык вуздардын студенттери үчүн патриоттук тарбиялоо боюнча методикалык колдонмо

Корректор: Сатышева Г.
Компьтерде терген: Иманбакаева М.Г.
Көркөмдөгөн: Кульматов С.

Басып чыгарылды_____________
Тиражы_________Заказ_________
Тел.